Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

Эркин-Тоо

WWW.ERKIN-TOO.KG Шейшемби, 2022-жылдын 11-октябры №90 (3425)

Генерал-лейтенант Исмаил ИСАКОВ:

“БҮГҮНКҮ АБАЛДЫ ЭСКЕ АЛГАНДА ӨЗБЕКСТАН МЕНЕН ЧЕК АРА КЕЛИШИМИ КОЛДООГО ТАТЫКТУУ”

АЛЬПИНИСТТЕР АЖОДОН АЛКЫШ АЛДЫ

Кечээ Президент Садыр Жапаров Гималайдагы Манаслу чокусун багындырган альпинисттер менен жолугушту.

Альпинисттердин кайраттуулугун жана өжөрлүгүн белгилеген Садыр Жапаров, кыргызстандыктардын эң бийик тоо чокуларынын бирин багындырышы өлкөнүн бүткүл элинде сыймыктануу сезимин жараткандыгын айтты.

Гималайдагы Манаслу чокусун багындырууну көздөгөн 80 өлкөнүн 404 альпинистинин ичинен 60ка жакыны гана чокуга жеткен. Алардын арасында алтоосу кыргызстандыктар болгон. Анын ичинен үчөө кислороддук колдоосу жок чокуга чейин чыгышкан. Бул альпинизмде чоң жетишкендик.

Альпинисттер Манаслу чокусун анын аталышынын символикалуулугу жана “Манас” эпосуна окшоштугуна байланыштуу тандап алышкандыгын сыймык менен белгилешти. Чокуга чейин “Манас” эпосунун үч килограммдык томун алып чыгышып, аны Кыргызстанга, Баткенге жана “Манас” эпосуна арнашкан.

Альпинисттер Президент Садыр Жапаровго Манаслу чокусунда илинген Кыргызстандын желегин тапшырышты. Дагы бир желекти альпинисттер тобу Баткен облусунун алыскы чек ара заставасына тапшырышмакчы.

“ДОСТУКТАН” ӨТҮҮ 30 МҮНӨТКӨ КЫСКАРАТ

Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров, Министрлер Кабинетинин Төрагасынын биринчи орун басары Адылбек Касымалиев жана Россия Федерациясынын Өкмөтүнүн Төрагасынын орун басары Алексей Оверчук кыргыз-өзбек мамлекеттик чек арасында жайгашкан «Достук» көзөмөл-өткөрүү пунктунун жана «Электрондук өткөрүү пункту» инновациялык долбоорунун ачылыш аземине катышты.

«Кыргыз Республикасынын жетекчилиги тарабынан мамлекетте бизнес жүргүзүү үчүн шарттарды жакшыртуу максатында өткөрүү пункттарын модернизациялоого жана чек арадагы көзөмөл функцияларын аткаруу үчүн заманбап техникалык каражаттар менен жабдууга өзгөчө көңүл бурулууда» деген Адылбек Касымалиев, чек арадан өтүү 30 мүнөткө чейин кыскараарын билдирди.

Россия Федерациясынын Өкмөтүнүн Төрагасынын орун басары Алексей Оверчук “Достук” өткөрүү пунктунун ачылышы Евразиялык экономикалык биримдиктин алкагындагы тыгыз кызматташуунун белгиси экендигин белгиледи.

ИШ ЖУМА

САДЫР ЖАПАРОВ ВЛАДИМИР ПУТИН МЕНЕН СҮЙЛӨШТҮ

Өткөн жума күнү Президент Садыр Жапаров Россия Федерациясынын Президенти Владимир Путин менен телефон аркылуу сүйлөштү.

Анда эки жана көп тараптуу кызматташтыктын актуалдуу маселелери, өлкөлөрдүн интеграциялык бирикмелердин алкагындагы өз ара аракеттенүүсү тууралуу сөз жүрдү.

Өз кезегинде Садыр Жапаров Владимир Путинди 70 жылдык маараке менен куттуктап, бакубатчылык жана жооптуу мамлекеттик ишине ийгиликтерди каалады.

ИЛЬХАМ АЛИЕВДИН САПАРЫ

Бүгүн Азербайжан Республикасынын Президенти Ильхам Алиев Кыргыз Республикасына мамлекеттик сапары менен келет.

Сапардын алкагында Президент Садыр Жапаров Азербайжан Республикасынын Президенти Ильхам Алиев менен эки тараптуу сүйлөшүүлөрдү өткөрөт. Ошондой эле Ильхам Алиев мамлекеттер аралык кеңештин биринчи жыйынына, «Кыргызстан–Азербайжан достугу» сейил багынын, Гейдар Алиев жана Низами Гянджеви атындагы жалпы билим берүү мектептеринин ачылышына катышат.

АСТАНА ШААРЫНДА ЭЛ АРАЛЫК ИШ-ЧАРАЛАР ӨТӨТ

Мамлекет башчысы Садыр Жапаров 12-14-октябрда Астана шаарында өтүүчү бир катар жогорку деңгээлдеги эл аралык иш-чараларга катышат.

Иш-чарага келген өлкө лидерлери Азия аймагындагы коопсуздук жаатындагы кызматташуу, КМШ алкагында соода-инвестициялык өнөктөштүк, “Борбор Азия – Россия” форматында өз ара аракеттенүүнүн келечегин талкуулашат.

ЭКИ ТАРАПТУУ МАСЕЛЕЛЕР ТАЛКУУЛАНДЫ

Ош шаарында кыргыз-орус инвестициялык форумунун алкагында Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров Россия Федерациясынын Өкмөтүнүн Төрагасынын орун басары Алексей Оверчук менен жолугушту.

Анда Орус-Кыргыз өнүктүрүү фондунун ишмердүүлүгү, Кыргыз Республикасынын аймагында 9 мектептин курулушу, Россиянын жогорку окуу жайларында кыргызстандык студенттерди федералдык бюджеттин эсебинен окутуу квотасын 600 орунга чейин жогорулатуу маселелери каралды.

БАЛЫКЧЫДАГЫ АСКЕРДИК БАЗА

Балыкчыда Россиянын колдоосу менен Коргоо министрлигинин 20636 аскер бөлүгүндө кураллжарак, аскердик техника оңдогон база ачылды.

Базанын аймагында техникалык тейлөө боюнча комплекстүү иштер жүргүзүлөт. Анын ачылыш аземине Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары Бакыт Төрөбаев, коргоо министри Бактыбек Бекболотов, Россиянын коргоо ведомствосунун өкүлдөрү, 20636-аскер бөлүгүнүн командачылыгы жана өздүк курамы, жергиликтүү бийлик органдары катышты.

Бакыт Төрөбаев Кыргызстанда база ачуу Россия менен аскердик жана аскердик-техникалык кызматташтыкты мындан ары өнүктүрүүдө маанилүү экенин белгилеп, бул коопсуздукту бекемдөөгө көмөк көрсөтө турганын кошумчалады. Ал эми коргоо министри Бактыбек Бекболотов эки өлкөнүн Коргоо министрликтеринин өкүлдөрүнүн аракети менен оңдоо базасы кыска убакытта бүткөнүн белгиледи.

АР БИР БАЛАНЫН ӨМҮРҮ КЫМБАТ

Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров Саламаттыкты сактоо министрлигине караштуу Эне жана баланы коргоо улуттук борборунун отоларингология жана офтальмология бөлүмдөрү негизделген жаңы имаратынын ачылыш аземине катышты.

Заманбап жабдуулар менен жабдылган жана эл аралык стандарттарга жооп берген имаратты «Ас-Сафа борбору» коомдук бирикмеси салган.

«Кичинекей бейтаптарды дарылоо үчүн жакшы шарттар түзүлгөн. Биз заманбап медициналык технологияларды, жаңы ыкмаларды колдонуу менен сапаттуу медициналык кызматты өнүктүрүүгө жана муктаж болгон ар бир балага анын өмүрү үчүн болгон күрөштө колдон келген жардамды көрсөтүүгө милдеттүүбүз», - деди Акылбек Жапаров.

КЫЗМАТТАШУУ ҮЧҮН БАРДЫК КҮЧ-АРАКЕТ ЖУМШАЛАТ

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров Ош шаарына болгон жумушчу сапарынын алкагында кыргыз-орус инвестициялык форумуна катышты.

Акылбек Жапаров алды-бызда эбегейсиз рыноктордун мүмкүнчүлүгү тураарын, болгону калыптанып калган евроцентризмден алыстап, Азияга көңүл буруу керектигин билдирди. “Бул Ош, Фергана жергесинен Борбор Азиянын гана эмес, бүткүл Азиянын өнүгүүсү, ошондой эле цивилизациялык өздөштүрүү башталышы мүмкүн. Тынчтык, өз ара пайдалуу кызматташтык жана жакшы коңшулук принциптеринде өнүгүү. Ал эми бул жерде жаңы көз-караш жана мурдагы тарыхый парадигмалардан такыр айырмаланган Россиянын чоң бизнесинин ролу биздин өлкөлөр жана бүткүл Евразия үчүн абдан келечектүү жана эки тарапка тең пайдалуу болушу мүмкүн", - деди.

Бул кыргыз-орус инвестициялык форуму 7-октябрда Баткен шаарында өз ишин баштап, Ош шаарында уланды.

ИЧКИ АВИАКАТТАМДАРДЫН БААСЫ ТӨМӨНДӨЙБҮ?

Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары Бакыт Төрөбаев 8-октябрда ички авиакаттамдардын баасын төмөндөтүү маселеси боюнча жумушчу кеңешме өткөрдү.

Бакыт Төрөбаев Жарандык авиация мамлекеттик агенттиги, Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу кызматы авиакомпаниялар жана башка кызыкдар тараптар менен биргеликте авиабилеттердин кымбатташына жол бербөө үчүн иш алып баруусу зарылдыгын жана аэропорттордун инфраструктурасын жакшыртуунун маанилүүлүгүн белгиледи.

Кеңешменин жыйынтыгында тиешелүү мамлекеттик органдарга бааларды турукташтыруу, ички жана эл аралык авиакаттамдарга баалардын кескин көтөрүлүшүнө жол бербөө боюнча тиешелүү механизмдерди иштеп чыгуу тапшырылды.

Мындан сырткары Баткен жана Раззаков шаарларына каттамдарды көбөйтүү мүмкүнчүлүгүн карап чыгуу, тейлөө сапатын жогорулатуу максатында Жалал-Абад шаарындагы аэропорттун кызматкерлеринин штаттык санын көбөйтүү маселеси да көтөрүлдү.



КАЙТАЛАНГЫС ЖАРАТЫЛЫШЫБЫЗДЫ ТАЗА САКТАЙЛЫ

Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары Эдил Байсалов «Таза мурас» улуттук кампаниясынын алкагында Чүй облусунун Кой-Таш айылындагы «Теплые ключи» ден соолукту чыңдоо комплексинин аймагында өткөн ишембиликке катышты.

Эдил Байсалов эгерде экологияга жана айланачөйрөбүздүн тазалыгына кам көрбөсөк, тең салмактуулук бузулуп, аны калыбына келтирүү дээрлик мүмкүн болбой калаарын, бизди курчап турган жаратылыш уникалдуу жана кайталангыс болгондуктан, кам көрүү унутта калбашы керектигин белгиледи. Президенттин «Таза Мурас» улуттук кампаниясын өткөрүү демилгеси өлкөнүн бардык жарандары тарабынан колдоого алынууда.

«Өз өлкөсүнүн чыныгы патриоту эч качан ыйык жерибизге туш келди таштанды ыргытып, жерди булгабайт. Убакыттын өтүшү менен баарыбыз таштандыларды өзүнчө сорттоого өтүп, жаратылышыбызды сактоого чоң салымыбызды кошобуз деп ишенем», - деди Эдил Байсалов.

“Эркин-Тоо”-пресс

Коопсуздук чек арадан башталат

Камчыбек ТАШИЕВ:

“КЫРГЫЗ-ӨЗБЕК ЧЕК АРАСЫН ТАКТООДО ӨЗ КЫЗЫКЧЫЛЫГЫБЫЗДЫ УТТУРГАН ЖОКПУЗ”

Кыргыз-өзбек мамлекеттик чек арасы, тактап айтканда Кемпир-Абад суу сактагычына байланыштуу маселе коомчулукта катуу талкууга алынып, ар кандай сын-пикирлер айтылып жатат. Айрым активисттердин бул маселе боюнча макулдашылган протоколду ачыктоону талап кылышкандары да болуп жатат. Буга байланыштуу кечээ Жогорку Кеңештин Эл аралык иштер, коргоо, коопсуздук жана миграция боюнча комитетинин жыйыны ачык өтүп, ага белгилүү саясатчылар, жарандык коомдун өкүлдөрү, массалык маалымат каражаттарынын өкүлдөрү катышты. Жыйында жабык айтылчу маалыматтар болгондуктан камера, диктофон, телефон алып кирүүгө тыюу салынды. Кыргыз-өзбек мамлекеттик чек арасынын айрым участкалары боюнча эки тараптуу келишимдин долбоору боюнча Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары, Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин төрагасы Камчыбек Ташиев маалымат берди.

Жыйындын башында айрым депутаттар регламентке ылайык талкууланып жаткан маселе боюнча материалдар 3 күн мурда депутаттардын колуна таркатылып берилиши керектигин, а алар материалдарды эми колго алып жатканын айтып, регламент бузулуп жатканын эске салышты. Жыйынды алып баруучу, комитеттин төрагасы Чыңгыз Айдарбеков азыр Кыргыз-өзбек мамлекеттик чек арасынын айрым участоктору боюнча жетишилген келишимдин долбоорун коомдук талкууга гана алып чыгып жатабыз, эгер мыйзам долбоору катары ратификацияга келсе регламент боюнча алдынала материалдар таратылып берилмек деген аргументин айтып, талкууну баштоого аракет кылып, бирок жыйынды ачык же жабык өткөрөбүз деген маселе депутаттардын бир топ талкуусун жаратып, дээрлик бир саатка жакын убактысын алды. Аталган комитеттин 14 мүчөсү болсо анын ичинен 10 депутат гана жыйынга катышты. Депутаттар жыйынды ачык же жабык улантуу маселеси боюнча ар кандай пикирлерин айтышып, акырында колго салып, комитет мүчөлөрүнүн көпчүлүк добушу менен жабык улантууну чечишти.

Жыйында айтылган маалыматтарга таянсак, коомчулук чек ара маселеси жана анда жетишилген өз ара келишүүнүн маанисин билбей эле ызы-чуу болуп жаткандай таасир калтырат. Тескерисинче, УКМКнын төрагасынын ишендирүүсү боюнча кыргыз тарап бир да метр жерди кошуналарга алдырган эмес. Муну Камчыбек Ташиев ишенимдүү түрдө бир нече жолу кайталады. Анын айтымында чек араны делимитация жана демаркация боюнча мамлекеттик комиссия 2020-жылы 11-декабрда түзүлгөн. Ошондон бери көптөгөн сүйлөшүүлөрдүн аркасында ушул келишимге келишкен. ”Бул келишим долбоору боюнча эл ичинде колдогону да, колдобогону да бар, ошон үчүн парламент менен макулдашуу үчүн алып келдик” деди УКМКнын төрагасы. Жалпы кыргыз-өзбек мамлекеттик чек арасынын узундугу 1472 чакырымды түзсө, анын 1170 чакырымы 2017-жылы такталып бекемделген. Калган 302 чакырым боюнча мамлекеттик комиссия дээрлик эки жылга жакын иштеди. Жыйынтыгында суу сактагыч куруу үчүн берилген 4727 гектар жердин ордуна 19699 гектар жер кыргыз тарапка жазылды. Мурдагы документтерге ылайык суу сактагыч курууга байланыштуу өзбек туугандар бизге компенсация катары башка жерлерди бериши тийиш болчу. Бирок бул аткарылган эмес. Камчыбек Ташиевдин билдирүүсү боюнча мамлекеттик комиссиянын ишинин жыйынтыгында ошол союз мезгилиндеги аткарылбаган иш эми аткарылып, буга чейин кыргыз-өзбек чек арасындагы талаштуу болуп келген жерлер бизге жазылды. Анын айтымында Гавасайдан эле кошумча 12 миң гектардан ашык жерди алып жатабыз. Мындан тышкары 35 гектар болгон Унгар-Тоо, Көк-Серек, Баястан жана башка жерлер бизге жазылды. Булар буга чейин Кыргызстандын картасында жок болчу. “Коомчулукта кереги жок, пайдасыз жерлерге алмашып алдык деген пикир болбошу керек. Гавасайда алтын бар, Унгар-Тоо салыштырмалуу кичине болсо да стратегиялык аймак, сугат, жайыт жерлерди алдык” дейт Камчыбек Ташиев. Келишимге ылайык Сузак, Өзгөн райондорунун ар бирине 500 гектар жер кошулган. Жыйында Камчыбек Ташиев көптөгөн маалыматтарды айтты, бирок диктофон жок болгондуктан баарына жетишип жазуу мүмкүн болгон жок. Жалпылап айтканда кыргыз-өзбек чек арасы боюнча жетишилген эки тараптуу келишим долбооруна ылайык, өлкөбүздүн мамлекеттик чек арасы кемиген жок. Тескерисинче 15805 гектарга көбөйдү. Кемпир-Абад суу сактагычы ээлеген 4727 гектар жер өзбек тарапка өтүп, анын ордуна дээрлик 20 миң гектарга жакын жер кыргыз тарапка өттү.

ЭМКИ МАСЕЛЕ ЭМНЕДЕ?

Биринчиден, бул келишим долбоору эки өлкөнүн парламенттеринен ратификациядан өтүп, Президенттер кол койгондон кийин күчүнө кирет. Камчыбек Ташиевдин айтымында жетишилген эки тараптуу келишим кезектеги протокол боюнча калбай мыйзам катары кабыл алынып жана ал сакталышы керек. Ошон үчүн кошуна өлкө протокол боюнча калсын деген сунушуна кыргыз тарап макул болбой мыйзам катары бекемдөөнү туура тапкан. Бул келишим азырынча долбоор. Андыктан мунун айланасында ашыкча ызы-чуу кылуунун кажети жок.

Ал эми келишимдин маани-маңызын ал жерлерде жашап жаткан калкка кеңири түшүндүрүп, көрсөтүп берүү максатка ылайык болмокчу. Камчыбек Ташиевдин айтымында жакынкы күндөрү жергиликтүү бийлик жана Мамкаттоо адистери менен биргеликте жеринде ачык-айкын карталар менен түшүндүрүп берүү иштери уюштурулат.

Кемпир-Абад суу сактагычынын деңгээлин горизонттон 908ден 900гө түшүрүүгө макулдашылды. Эми 900дөн ылдый жагы өзбек туугандарга, 900дөн өйдө жагы кыргыз тарапка тиешелүү болот. Бул боюнча да жергиликтүү элге түшүндүрүү, көрсөтүп берүү иштери жүргүзүлөт.

Дагы бир белгилеп койчу нерсе, Кемпир-Абад суу сактагычын чогуу башкарууга макулдашылууда. Бул жаатта өзүнчө мекеме түзүлүүсү күтүлөт. Буга чейин өзбек туугандар сууну жеке өзүлөрү башкарып, өздөрүнө ыңгайлуу колдонуп келишкен. Биз үчүн бул көйгөй болгон. Керек учурда суу алалбай, кереги жокто суу ашып-ташып агып, дамбаларды бузуп кеткен учурлар да болгон экен. Камчыбек Ташиев келишим логикалык аягына чыкса сууну тең ата башкара турганыбызга ишендирди. Бул албетте жакшы. Жыйынтыктап айтканда чек араны тактоо иштери боюнча мамлекеттик комиссия көп жылдар бою кошуна өлкө менен келише албай талаштуу болуп келген жерлерге чекит койду десек болот. Эми аны жалпыбыз колдоо менен толук ишке ашыруубуз керек.

КЫРГЫЗ-ӨЗБЕК ЧЕК АРАСЫ БОЮНЧА КООМДУК ТАЛКУУГА КАТЫШКАН АЙРЫМ САЯСАТЧЫЛАРДЫН ПИКИРЛЕРИНЕ ОРУН БЕРЕБИЗ.

Коомдук ишмер, экс-депутат Токон МАМЫТОВ:

Мен бир маселени белгилеп кетишим керек. Гавасай менен Кемпир-Абад эң орчундуу маселе. Мурда чек ара боюнча ушул маселеге келгенде эле такалып калчубуз. Эл ушул Гавасайды алып бергилечи деп чыркырап келишчү. Азыр бул жерден кошумча 12800 гектар жерди алып жатабыз. Эл компенсация болду беле деп сурашчу. Мына эми компенсация болду. Муну элге түшүндүрүп бериш керек. Эл түшүнөт деп ойлойм. Бирок ушуну менен маселе бүттү дегенден алысмын, дагы маселелер чыгышы мүмкүн. Улуттук, дин жана чек ара маселеси эң оор маселе. Саясатчылар мына ушуга өтө кылдат мамиле клышыбыз керек.

Экс-министр Мамбетжунус АБЫЛОВ:



Камчыбек Ташиев Министрлер Советинин Төрагасы Ахматбек Сүйүмбаевдин 1975-жылы кабыл алаган №74 токтому жөнүндө эч нерсе айткан жок. Анда өзбек тарап компенсацияны аткарбаганы үчүн чек ара өзгөрүүсүз калат деген чечим болгон. Кемпир-Абад эч качан Өзбекстанга берилген эмес, мына эми берип жатышат.

Өзбек эли менен базарыбыз да, мазарыбыз да бир, алар менен жакшы кошуналыкта жашашыбыз керек. Кыргыздын жерин кыргызга алдык деп жатабыз. Анда эмне үчүн Өзгөн, Кара-Суу эли каршы болуп жатат?

Экс-спикер Медеткан ШЕРИМКУЛОВ:



Мамлекеттер аралык чек араны белгилеп алуу ар бир мамлекеттин ыйык милдети. Азыркы маалыматтар боюнча Өзбекстан менен чек ара маселеси боюнча финишке жакындап калдык окшойт. Кемпир-Абадды куруу боюнча компенсация кылуу аткарылбай келгени чын. Президент өзү баш болуп эл менен жолугушуп, түшүндүрүп келгени жакшы. Ал жерде өзгөндүктөр жашайт, бирок чек ара бүт элибизге тиешелүү. Сын пикир айтып жаткандарды да угуу керек. Алар дагы маселе жакшы чечилсе деген ниетин айтып жатышат. Сын айткандарга терикпей, уга билели. Комитеттин мүчөлөрү, чек араны чечүүгө келгенде эң биринчи кадамды силер жасайсыңар. Анан маселе андан ары жылат.

Генерал-лейтенант Исмаил ИСАКОВ:

Мен бул маселеге 2000-жылдан бери тыгыз аралашып келген адаммын. Бүгүнкү абалды эске алганда бул келишим колдоого татыктуу. Гавасайды өзбек туугандарга бергенбиз. Бирок СССР Жогорку Совети бекиткен эмес. Азыркы шартта бул туура иш. Манастын Аккуласын миң атка алмаштырууга болобу? Болот. Миңдеген элдин тиричилиги үчүн алмашса болот.

Бирок жакынкы 15 жылда эле суу доору келет. Дүйнөнүн 1/3ү сууга муктаж болот. 90-жылы биздин калктын саны 3.6 млн болчу. Өзбекстанда ал кезде 15 млн калк болсо, азыр 35 миллиондон ашты. Кошуна республиканын азыркы президентинин бизге мамилеси түз. Бүгүнкү кырдаалды эске алсак, бүгүнкү бийликке жеңил эмес. Биз эки жагын тең айтууга милдеттүүбүз. Саясий, коопсуздук жагынан алганда келишимди колдоого болот.

Бегим ТУРДАЛИЕВА

Зордук-зомбулукка каршыбыз!

ТОСМО АРЫЗДАРДЫН ТААСИРИ ЖОГОЛОТ

Акыркы кезде аялдар менен балдардын зордук-зомбулукка кабылган фактыларынын азайбай жаткандыгы кабырга кайыштырат. Ошондон улам, мыйзам ченемдерин катаалдаштыруу демилгеленүүдө. Андагы жаңы нормалар боюнча үй-бүлөлүк зордук-зомбулукка байланышкан кылмыштын түрлөрүн токтотууга эми өз ара жарашууга жалчы болгон тосмо арыздар таасир эте албай калат. Бул тууралуу мыйзамдарга сунушталып жаткан өзгөртүүлөр Жогорку Кеңештин депутаттары катышкан тегерек үстөл жыйынында талкууланды.

Жогорку Кеңештин депутаты Динара АШИМОВА:

- Мыйзам долбоорун иштеп чыгууда биринчи кезекте андагы колдонулган терминдерге тастыктама бердик. Глоссарий аркылуу "зордук-зомбулук" түшүнүгүн аныктап алуу зарылчылыгы жаралгандыктан, маселенин ошол жагына көңүл бурдук. Андан тышкары, аракеттеги мыйзам боюнча үй-бүлөлүк зордук-зомбулукка кабылган адам гана арыз жазса, эми азыркы сунушталып жаткан мыйзам долбоору боюнча зомбулуктун күбөсү да арыз менен кайрыла алат. Ошондой эле үй-бүлөлүк зордук-зомбулуктун күнөөкөрү биринчи кезекте үйдөн обочолонтулат. Антпесе, запкы жеген энелер менен балдар гана башкалкасыз көчөдө калып жатканы бушайман кылган көрүнүш. Колдонуудагы мыйзам боюнча соттук-экспертизалык текшерүүлөрдүн жыйынтыгы чыкканын күтүп, бери жагы 2-3 жума убакыт өтчү. Бул аралыкта абал жеңилдеп, жарашуу болсо жакшы, эгер кырдаал кыйындап дагы курчуп кетсечи? Ошондуктан, урушка жол берген шектүү тарап маселе такталганга чейин үйүнөн чыгарылып турат. Бул улуттук менталитеттен алганда, намыска тийген чара болгондуктан, урушталашка барчу көрүнүштөрдүн алдын алууга жардам берет. Тарамы татаал бул маселеде Эл аралык тажрыйбаларга да кайрылып көрдүк. Мисалы, Германия мамлекетинде ата-энесинин ортосунда түшүнбөстүктөр болуп жаткан үй-бүлөдөгү балдарга милдеттүү түрдө психологиялык колдоолор көрсөтүлөт. Антпесе, ошондой тынчы жок бүлөдө чоңойгон балдардын кайра эле кайрашкан көрүнүштөргө кириптер болуп калышы ыктымал. Бир гана жубайлар менен алардын балдарынын ортосундагы эле мамилелерге баам салбастан, ошондой эле баласы менен ата-энесинин ортосундагы мамилелерге да көңүл бурлушу керек. Себеби, ата-энесине кол көтөрүп, мал-мүлкүн тартып алып, өздөрүн карылар үйлөрүнө түртө салды кылгандар деле жок эмес. Ошондойлордон Кудай сактасын. Үй-бүлө институтундагы ар бир учур кылдат иликтенип, зордук-зомбулуктун алдын алуу аракеттери күчөтүлөт. Мыйзам долбоорун даярдоодо жалпы элдин ой-пикирлери эске алынат. Өлкөнүн жети облусунда кеңири талкуулар уюштурулат.

Жогорку Кеңештин депутаты Надира НАРМАТОВА:

- Коомдогу терс көрүнүштөрдү жоюу үй-бүлөлүк адеп-ахлактан, чөйрөнү тандоодон жана социалдык тармактардагы тематикалардын мазмунунан да көз каранды. "Тик-Ток" тиркемесине тартылам, деп азгырылган жаштардын ою бузуктардын капканына түшүп жаткандыгын ачыктаган фактылар да кезигип жатат. Андыктан, бул маселеге да кайдыгер кароого болбойт. Азыр соцтармактардагы көп көрүлгөн материалдар жакшы жаңылыктар эмес, негатив маанайдагы маалыматтар болуп калды. Мындай төмөнкү деңгээлди жеңип чыгышыбыз керек. Болбосо, ар кандай азгырыктар аркылуу жашы жетелек курактагыларга күч колдонгон фактылардын бир тобу миграцияда жүргөн ата-энелердин балдарына жасалууда. Татаал тагдыр эч кимдин башына түшпөсүн.

Жогорку Кеңештин депутаты Нуржигит КАДЫРБЕКОВ:

- Эне бактылуу болмоюн, балдардын бактылуу болушу кыйын. Андыктан, үй-бүлөдө ата камкор, эне мээримдүү болгондо гана балдардын бактысы бекем болору анык. Элибиз эзелтеден эле "Кыздын кырк чачы улуу", - деп кыздарын барктап, баалап, сый-урмат менен кадырлап келишкен. Аялзатына болгон сый мамиле динде деле таасын айтылат. Мектептердеги адеп сабагында да үй-бүлө мамилелеринин окутулганы жакшы. Андагы ата-эне менен балдардын, карысы бар үйлөрдө чоң ата-чоң энелердин орду өз баалуулуктарына ээ болсо, чакан мамлекетке доо кетирчү көрүнүштөр орун албас эле. Сунушталып жаткан мыйзам долбооруна зордук-зомбулуктун элементтери байкалган учурларда арызды бир гана жабырлануучу эле эмес, андай абалды байкаган жакын адамдары деле жазса болот деген ченем киргизилип жатат. Негизи, кайдыгерликке жол берилбеши керек. Бул ар кандай кокустуктардын алдын алууга жардам берүүчү таяныч курал.

Жогорку Кеңештин депутаты Айсара АБДИБАЕВА:

- Ата-энелердин ыркы келишпеген учурда үй-бүлөгө жарака кетсе, биринчи учурда балдарга гана кыйын болот. Алардын психологиялык жактан жабыркабоосу үчүн үй-бүлө мамлекетин түптөөчүлөр терең ойлонушу зарыл. Бири-бирине запкы жеткирбеген түгөйлөр көп болсо, алардын балдары да учкан уясынан татыктуу тарбия алып чыгышат. Балдардын укуктарын коргоо багытында бир топ жоболорду иштеп чыгуудабыз. Негизи, мыйзамдык талаадагы талап менен адептик ариеттин бирин-бири толуктап турушу жашоонун тартибине айланышы керек, - деп эсептейм.

P.S. "Үй-бүлөлүк, сексуалдык жана гендердик зомбулуктан коргоо чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндөгү" мыйзам долбоорун иштеп чыгууга юридикалык эксперттер тартылып, БУУнун Өнүктүрүү программасынын, "Теңдик нуру" демилгеси тарабынан колдоого алынууда.

Кипариса СУРАХМАНОВА

Улутубуздун улукманы 95 жашта

ЗАЛКАРЛЫККА ЖЕТЕЛЕГЕН УЛУУ ЖОЛ

Кыргыз медицинасынын корифейи, улуу устат, Кыргыз Республикасынын Баатыры, академик, профессор Мамбет Мамакеев атабыздын ушул күндөрү 95 жаш кутман курагы белгиленип жатат.

Арийне, атактуу залкар адамдын дарегине куттуктоо сөз айтуу бир чети кыйын болсо, бир чети абдан чоң сыймык. Таң каларлык улукмандык таланты менен элине жүрөгүнөн берилген ак ниет талыбаган эмгекчилдиги менен Мамбет Мамакеев атабыз бүгүнкү күндө муундардын ортосундагы үзүлгүс байланыштыруучу өзөккө айлангандыгы – бул залкарлык. Ошол себептен биз атабыздын өрнөктүү өмүр жолуна арналган музейде ачылган экспозицияны "Улутубуздун улукманы" деп атадык. Өзүнүн өрнөктүү өмүр тажрыйбасы жана дарыгерлик тагдыры аркылуу атпай кыргыз журтунда улуттук сыймык, улуттук ар-намыс болуп калган улукман Мамбет Мамакеев атабыздын жекече тагдыры канчалык көп кырдуу болсо, эмгек жолу дагы ошондой ары татаал, өрнөктүү.

Ал дарыгерлик кесипте эмгектенген 40 жылда 40 миң адамдын өмүрүн сактап, миңдеген хирургдарды, илимдин 16 докторун, 25тен ашык кандидатын тарбиялап өстүрүп, «Мамакеевдин хирургиялык мектебин» түзүп, 200дөн ашык илимий эмгектин, 9 монографиянын автору. Бүгүн да баш көтөрбөй эмгектенип, түйшүгүн тартып, кыргыз деп, улут үчүн күйүп келет. Адамдын бу дүйнөдөгү баа жеткис асыл байлыгы – деп соолугун коргоп, дале болсо ак кызматын аябай күчүн үрөп, күнүгө азыр да 2-3 операция жасап келе жаткандыгы не деген залкарлык.

Улукман атабыз бардык күч-аракетин элдин ишенимин арттырууга жумшап келе жатканын коомчулук жакшы билет. Тынбаган түйшүктө болуп, дайыма өзүн таза, акыйкат, калыс, чындык сөздү түз, жалтанбай тике айткан эрдигиңиз кимге да болсо сабак десек болот. Залкарга ыйгарылган бардык сыйлык, наамдар өзүнө жарашат. Кыргызда да, чет жактарда да Мамбет Мамакеевичти урматтагандар, баалагандар көп.

Урматтуу Мамбет Мамакеевич! Сизди 95 жаш кутман курагыңыз менен куттуктайм. Сизге кааларым узак ооматтуу өмүр, турмушта жасаган тынымсыз кадамдарыңыздын сапары карыбасын, үй-бүлөңүз менен бакубатчылыкта жашап, ден соолукта болуңуз! Адатыңызча арыбай, өмүрдүн жаңы серелерине жете беришиңизди ак дилимден каалайм.

Жылдыз БАКАШЕВА,
Кыргыз Республикасынын Улуттук тарых музейинин директору

Акталган үмүттөр

ЖАҢЫ МЕКТЕПТЕРДИН КУРУЛУШУ – КЕЛЕЧЕКТИН ПАЙДУБАЛЫ

Кийинки кезде борборубуз Бишкек шаарында жаңы мектептерге болгон муктаждык курчуп кеткен. Анткени, борборубуз тигинен өспөй туурасынан өсүп, жаңы конуштардын саны болуп көрбөгөндөй көбөйдү. Ички жана сырткы миграциянын агымы ташкындап, жумушсуздук бир жагынан жакалап, жагымсыз жат социалдык көйгөйлөр көктөй баштады. Эл саны, анын ичинде мектеп жашындагы ууз муундар арбыды. Тилекке каршы, жаңы конуштарда мектептер жок, окутуу, билим берүү маселеси кыйындады. Ошол көйгөйлөрдүн туу башы мектеп турмушун оңдоого ой жеткен менен кол жетпеди.

Мекенибиздин туш тарабынан борборго бакыт издеп, жашоо үчүн келген элдин балдарын мектептерге тартуу, орноштуруу оорлошту. Жаңы конуштарды койчу, борборубуздагы жалпы мектептердин абалы ич жылытпады. Нечен жыл мурда курулган эски мектептердин ар бир классында 40 окуучудан окушуп, билим берүүнүн сапаты начарлады. Баарынан да балдарды мектептерге кабыл алуу тозокко айланды. Эми жол азабы менен көр азабын айтпа! Жаңы конуштардын жол маселеси бир тең болсо, каттамдардын тартыштыгы, транспорт жагдайы жарашпай, мектепке тыгылып келип, тыгылып кеткен окуучулардын шорун айтпа!

Жогорку Кеңештин депутаты Балбак Түлөбаев күйүп айтмакчы, мектеп директорлору коррупциянын башатына айланышып, ата-энелердин чөнтөктөрүнө күч келтиришип, мыйзамсыз фонддордун, акча чогултуунун куржунун тизгиндешип, кулкундарына куюп келишкен. Мектеп директорлугун аталарынан мураска калгандай узак жыл менчиктештирип алган, байлыкка белчеден малынган директорлордон кутулуу кадамдары мына жакындан бери карай гана жасалууда. Мектеп директорлугуна сынак аркылуу жаңы жүздөр келүүдө.

Баарынан да айтып коюучу кубанычтуу көрүнүш, борборубузга, айрыкча жаңы конуштарга жаңы заманбап мектептер байма бай салына баштады. Балдарды паралап орноштуруу кадимкидей сээлдеди. Себеби, мугалимдердин кадыр-баркы, айлык акылары жогорулады. Жоопкерчилик мектеп турмушунда салтанаттап, кемчиликтер четтеп жатат. Демек, мектеп турмушуна мамлекеттик деңгээлде дем берүү жемишин берүүдө десек, жаңылыштык эмес. Борборубуз боюнча 15 мектеп, 5 бала бакча салуу тууралуу Президентибиз Садыр Жапаров тапшырма берген.

Журт башчыларыбыздын коштоосунда заманбап мектептер ачылды. Дагы жаңылары салынат. Келечек муундарыбыздын үмүттөрү акталууда.

Айчүрөк МАКЕШОВА

АЙКЫНДУУЛУК ИШЕНИМДИ БЕКЕМДЕЙТ

Жогорку соттун төрагасы Замирбек БАЗАРБЕКОВ:

“БЛОГЕРЛЕР МЫЙЗАМ АЛДЫНДАГЫ ЖООПКЕРЧИЛИГИН УНУТПАШЫ КЕРЕК”

Өткөн жумада «Соттордун ЖМК менен өз ара аракеттенүүсү жана сот процессин чагылдыруу» темасында тегерек стол болуп өттү.

Анда сот тутуму менен жалпыга маалымдоо каражаттарынын өз ара байланышы жана кызматташуу жаатындагы маселелер боюнча талкуу жүрдү.

Жогорку соттун төрагасы Замирбек Базарбеков мамлекеттик чек арадагы болуп жаткан соңку окуялар жүктөлгөн милдеттерибиздин маанилүүлүгүн түшүнүү менен өз ишибизди так аткарууну талап кылып жаткан учурда, бул жолугушуу абдан актуалдуу жана өз учурунда уюштурулуп жатат деген оюн билдирди.

Ал белгилегендей, акыркы убактарда Жогорку сот журналисттер жана блогерлердин ортосундагы “көпүрөнү” бекемдеп, өз учурунда ачык-айкын маалыматтарды берип, тыгыз иштөөнү жолго коё алды. Сот тутумунун мындай аракеттери коомдук мааниге ээ болгон бир катар себептерден улам келип чыккан.

«Балким, кээ бир журналисттер үчүн сот залынан алынган репортаж, соттун чечими тууралуу кыскача жаңылык, же соттук териштирүү тууралуу аналитикалык макала чоң маалымат агымынын кезектеги бир көрүнүшү катары эле кабыл алынышы мүмкүн. Бирок, жарандар, сот процессинин катышуучулары, интернет мейкиндигиндеги маалыматты колдонуучулар үчүн ал чоң маанига ээ болушу ыктымал.

Кээде сот процесстеринин катышуучулары массалык маалымат каражаттары аркылуу сотко басым жасап, коомдук пикирге таасир этүүгө аракет кылышат. Сот процессинин чыныгы көрүнүшүн бурмалап, каралып жаткан иштин объективдүү чагылдыруудан алыс болгон материалдар да бар», - деди Жогорку соттун төрагасы Замирбек Базарбеков.

Ал жарандардын сот системасына ишеним алып келе турган коомчулук арасында калыптанган пикирге таасир эте турган айрым статистикалык маалыматтарга токтолду. Объективдүү фактыларды көрсөтүп, статистикага кайрыла турган болсок, үстүбүздөгү жылдын биринчи жарымында биринчи инстанциядагы соттор жалпысынан 53 миң 879 иш караса, анын ичинен 1 миң 944 гана иш Жогорку сотто, кассациялык тартипте каралган. Бул жалпысынан 3,6% иштер Жогорку сотко барат дегенди билдирет. Көрүнүп тургандай, калктын 80%ы сотторго ишенбейт деген калыптанып калган көз карашты объективдүү маалыматтар жокко чыгарып жатат.

Жогорудагы көрсөткүчтөр ушул жылдын алты айындагы сот актыларынын басымдуу көпчүлүгү тараптар тарабынан канааттандырылып жаткандыгын айнигелеп турат. Сот тутуму адилеттүүлүк менен иш алып барып, өзүн-өзү тазалоонун сапатын жакшыртуу боюнча алгылыктуу иштерди жүргүзүүдө деген Замирбек Базарбеков, бул багыттагы аракеттер өз натыйжасын берет деген ишенимде экендигин билдирди.

«Мен бүгүнкү тегерек столдо соттор менен журналисттердин миссиясынын окшоштугуна токтолгум келип жатат. Негизи журналист калыс болуп, окуяларды чагылдырып, кээде жаманды каралап, жакшыны даңазалаган асыл миссияны аткарышы керек. Сиздердин калемиңиздердин аркасы менен тараптардын айрымдары сот процессинин жыйынтыгына активдүү таасир этүүгө аракет кылган фактылар баарыбызга жакшы маалым. Бирок, ошол эле учурда сиздердин берген маалыматтардын негизинде, соттук териштирүүлөрдүн жүрүшүндө ар кандай мыйзам бузуулар болуп жаткандыгын билип жатабыз.

Жогорку сот үчүн сиздердин чыныгы демократиялык коомду курууга багытталган конструктивдүү сынга негизделген материалдарыңыздар чоң маанига ээ экендигин баса белгилегим келет. Бирок, айрым учурларда мыйзам чыгаруучу тарабынан каралган кандайдыр бир чараларды көрүүгө түртүп жаткан ачыктан-ачык жалган материалдар да бар.

Соттук териштирүүнү билбей туруп, сотторду негизсиз сындап, соттордун чечимдерин жаманатты кылган жеке көз карандысыз журналисттер, блогерлер жалган жалаа тараткаңы үчүн мыйзам жоопкерчилигине тартыла тургандыгын эстен чыгарбашы керек», – деди Замирбек Базарбеков.

Замирбек Базарбеков Жогорку Соттун төрагалык кызматына киришкенден тартып судьялардан адилеттүүлүктү, мыйзамдын так сакталышын, соттук иштерди жана материалдарды кароонун мөөнөттөрүн сактоону коомчулукка жана жалпыга маалымдоо каражаттарына ачык жана жеткиликтүү болушун талап кылып келе жатат. Коомчулукта нааразычылык жараткан айрым сот чечимдери боюнча судьялар маалымат жыйындарында түшүндүрмө бере башташты.

Соттук териштирүүлөр тараптардын тең укуктуулугунун жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүнүн негизинде жүргүзүлөт. Судья эки тарапты тең угууга, келтирилген далилдерди изилдөөгө жана текшерүүгө милдеттүү. Андыктан журналисттер үчүн эл аралык журналистиканын стандарттарынын талаптарына ылайык объективдүү болуу үчүн эки тараптын позициясын чагылдыруу маанилүү экендигин белгилеген Жогорку соттун төрагасы, «Жалпыга маалымдоо каражаттары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 20-беренесине ылайык журналист берип жаткан маалыматтын тактыгын текшерүүгө милдеттүү экендигин айтты. Бирок, медиа-эксперттер белгилегендей, кээ бир көз карандысыз журналисттердин жана блогерлердин эң көп катачылыгы – экинчи тараптын пикири менен эсептешпегендигинде болуп жатат.

Замирбек Базарбеков: «Айрым блогерлер менен өз ара байланыштарды түзүү, сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү, сот отурумдарында каралган иштер боюнча түшүндүрүп берүү боюнча аракеттер биз тараптан көрүлдү. Бирок дагы эле биз бардык жалпыга маалымдоо каражаттары жана блогерлер менен толук түшүнүүгө жетише алдык деп айтууга али эрте. Биз дагы ушул багытта иштешибиз керек жана Жогорку сот өз ара аракеттенүүнү күчөтүү, мыйзам жол бергендей ачык болуу ниетинен баш тартпайт. Биргелешкен күч-аракеттер менен чогуу биз жогорку сапаттагы ата мекендик журналистиканын өнүгүшүнө, биздин республиканын жарандарынын укуктук маданиятын жогорулатууга оң таасирин тийгизе алабыз деп ишенем», - деди.

Тегерек столго катышкан жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрү, коомчулукта резонанс жараткан соттук иштер айрым учурларда ачык өтпөй, ачык болсо да отурум болчу залдар өтө тар болгондуктан, көпчүлүк батпай калып жаткандыгын айтышты.

Ал эми Жогорку соттун төрагалыгына Замирбек Базарбеков келгени маалымат алуу оң жолго коюлуп, иштин сапаты бир кыйла жакшыргандыгын да өзгөчө белгилеп өтүштү.

Жылдыз ДЫЙКАНОВА

Табияттын табышмагы

Топонимист, картограф, эколог
Темиркул ЭШЕНКУЛОВ:

“КЕМПИР-АБАД ЭМЕС КЕМПИР-РАБАТ”

Окумуштуулар акыркы жыйырма жылда дүйнөдөгү мөңгүлөр, муздар тездик менен эрип жатканын маалымдап, келечекте суу тартыштыгы болушу мүмкүн деген божомолун айтышууда. Кыргызстандык экологдор да өлкөдө 2000-жылдан баштап мөңгүлөр тез тартылып баратканын айтып келет. Биз топонимист, тарыхый картограф Темиркул Эшенкуловго кайрылып, экологиялык маселелер, көйгөйлөр туурасында маектештик.

- Темиркул агай, окумуштуулар жакынкы он жылдыкта дүйнөдө суу тартыштыгы жаралышы мүмкүн деген божомолдорун айтышууда. Ушул божомолдорго кошуласызбы?

- Изилдөөлөргө таянып ооба деп айта алам. Бирок, бул жакынкы күндөрдө эле боло калчу өзгөрүүлөр эмес. Окумуштуулардын айтымында суу тартыштыгы бир топ өлкөлөрдө катуу болушу ыктымал. Ал эми айрым жерлерде байкалбайт. Мисалы, Россиянын Сибиринде суу тартыштык болбойт. Анткени, ал жакта нымдуулук жетиштүү жана суусу мол дарыялар көп.

- Кыргызстан суу башында жайгашкан деп айтылат. Бизде да суу тартыштыгы болушу мүмкүнбү? Дарыяларыбыз болсо өтө көп. Алардын айрымдары узун болгондуктан чек араларды бойлоп четке агып чыгат эмеспи?

- Кыргызстандын өзүндө пайда болуп, узундугу 10 километрден ашык 30 миңдей дарыя бар. Бул өтө жакшы көрсөткүч. Ал дарыялар бассейиндерге бөлүнөт. Талас, Чүй, Нарын, Ысык-Көл, Ак-Сай, Сары-Жаз бассейини деп бөлүнүп кете берет. Сиз айткандай дарыяларыбыздын көбү чек араларды басып өтө турган кубатка да ээ. Мындай дарыялар транс чек аралык дарыялар деп аталат. Кыргызстандын чегинен тышкары чыгып кеткен дарыяларга Чүй, Талас, Нарын, Чаткал, Кызыл-Суу дарыялары кирет. Ак-Сай, Үзөңгү-Кууш, Сары-Жаз да транс чек аралык дарыя деп саналат. Башы бизден башталган бул дарыялардын айрымдары бир нече мамлекетти аралап агат. Нарын Фергана өрөөнүндө Сыр-Дарыя болуп, Тажикстанга, Өзбекстанга, андан соң Казакстанга кирип, Арал деңизине куят. Талас жана Чүй дарыялары Казакстандын Моюн-Кум чөлүндө кумга сиңип кетет. Кызыл-Суу (чыгыш-батыш) деп аталган суулар бар. Бул суунун башы Алайдан башталып, Кытай тарапка кирип кетет. Ошентсе да, климаттык өзгөрүүлөрдүн таасиринде дарыяларыбыздын суусунун тартылышы байкалышы мүмкүн.

- Чек аралар аркылуу өткөн дарыяларды колдонуу тартиби кандай болот?

- Өлкөлөр аралык келишимдерге ылайык жүргүзүлөт. Бирок, биз өзүбүздөн агып чыккан дарыяларды өз өлкөбүздө пайдалануга акыбыз бар. Мисалы, Чүй дарыясы максаттуу пайдаланылат. Учак менен учканда Чүйдүн аймагындагы көп көлмөлөрдү көрсөңүз керек. Ошол көлмөлөр дарыянын суусу менен толтурулган көлмөлөр. Эгер биздин дарыялардын көбү дыйканчылык аймактарын аралап өткөндө алардан көлмөлөрдү жасап, пайдалансак жакшы болмок. Айыл чарбасына бул чоң киреше алып келмек. Чүй өрөөнүн бир дарыянын эсебинен гүлдөгөн аймакка айлантса болот. Убагында Чүйдө шалы эгилген. Милянфан деген айылды билсеңиз керек. Мына ошол “Милянфан” деген сөздүн мааниси “күрүчтүү талаа” дегенди билдирет. Ал жерде суу көп болуп, мурда күрүч да эгилген. Негизи биздин жерлердин көбү суулуу. Убагында Токтогул районунун Кетмен-Төбө өрөөнүндө пахта эгилгендигин көпчүлүк биле бербейт.

- Биздин дарыялардын көбү тоо аралап аккандыктан өзүбүзгө пайдасы аз болуп жатпайбы?

- Кыргызстандан агып чыккан сууларды ГЭСтерди куруп пайдалансак болот. Мисалы, Чаткалдын суусу өз өлкөбүздө колдонулбай, Өзбекстанга чыгып кетет. Өзбекстан ал суудан пайдаланып, Чарбак суу сактагычын курган. Ал суу сактагычтан Ташкент шаарына суу кетет. Кыскасы, биз чындыгында суу башыбыз.

- Биздин суулар мөңгүдөн пайда болот эмеспи. Мөңгүлөрүбүз да эрип, окумуштуулар жакшы божомол айтпай жатышат.

- Туура. Азыр окумуштуулар Жер шары өз огунан жантайып бара жатканын айтышууда. Эгер жылдар өтүп, Жер огунан дагы да жантайып кете берсе, кайсы бир мезгилде Арктика Экватордун ордуна келип туруп калышы мүмкүн. Ал эми Экватор тескерисинче музга айланат. Бул жаратылыштын мыйзамдары. Аны токтотуу мүмкүн эмес. Жердин огунун жантайышы, климаттын глобалдуу деңгээлде жылууланышына алып келет. Бизде да аба табы көтөрүлүп, кыш мурдагыдай болбой бараткансыйт. Байыркы палео географиялык маалыматтарда Антарктида гүлдөгөн, жапжашыл материк болгон деп айтылат. Мындай кубулуштар жүз миңдеген жылдар аралыгында болушу мүмкүн. Техногендик таасирлер да климаттын өзгөрүү процесстерин тездетип жиберип жатпайбы.

Ал эми Кыргызстандын мөңгүлөрү туурасында айта турган болсок, алар да климаттын таасири астында калды. Мөңгүнүн төмөн жагын мөңгүнүн тили, учу деп коюшат. Ошол мөңгү учу же тили жылына 5 метрден 10 метрге чейин тартылып жатат деген маалыматтар бар. Кыргызстанда 8000ден ашык мөңгү катталган. Алардын орточо калыңдыгы 50, 60, 100 метр деп ар кандай белгиленген. Ар аймакта климаттын өзгөчөлүнө жараша калыңдык сакталып турат. Кыргызстандын мөңгүлөрүндө 650 миллиард куб метр суу сакталып турат. Эгер алар тез эрип кетсе, экологиялык катастрофа болот. Алар климаткa жараша акырындык менен тартылганы да жакшы. Эгер жаанчачын көп болуп, кар жаап турса мөңгү, анын кору кайра топтоло берет. Кыргызстан май айынын акырынан тарта күз айларынын жарымына чейин мөңгү эрип, дарыяларга айланат. Орточо алганда июнь, июль, август, сентябрь айларында дарыялар мөңгүдөн суу алышат. Айрым дарыялар жер астындагы суулардан да суу топтошот. Кар, жаан да өзөндөргө суу кошот. Айрым жерлерде көлдөрдөн суу чыгат. Алсак, Соң-Көлдөн агып чыккан суу Нарын дарыясына куят. Ошондуктан, биз сууну таза пайдаланышыбыз керек. Бала кезимде апалар дарыялардын жээгине барып казан асып, ошол жерде суу ысытышып кир жуушар эле. Кирдин суусун, дарыядан обочолонгон жерге төгүшчү. Азыр андай эмес. Акыр-чикирдин баары сууга ыргытылып, кошулуп жатат. Бул эң жаман көрүнүш.

- Ушул күндөрдө Кемпир-Абад суу сактагычы боюнча да маселе көтөрүлүүдө. Мына ушул суу сактагычка кайсы дарыялар куят?

- Кемпир-Абад суу сактагычы Ош облусунун Өзгөн районунда, Өзбекстан менен болгон чек арада жайгашкан. Өзбекстан аталган объектини Анжиян суу сактагычы деп атайт. Биз болсо Кемпир-Абад деп атап келебиз. Туурасында суу сактагычтын аты Кемпир-Рабат. Абад – бул шаар дегенди билдирет. Ал эми Рабат – бул таштан тургузулган дарбаза, коргон деген сөз. Байкасаңар суу сактагычтын жайгашкан жери ыңгайлуу. Кемпир-Рабаттын аталышы анын жайгашкан жерине байланыштуу коюлган. Суу сактагычка Куршаб, Кара-Дарыя, Тар, Жазы дарыялары куят. Азыр бул объектиге байланыштуу маселе көтөрүлүп жатпайбы. Менин оюмча маселе мурдагы документтерге ылайык да чечилиши зарыл. Суу сактагыч 1969-жылы салына баштап, 1980-жылы бүткөн. Объектинин жалпы аянты 4 400 гектар. Ал эми көлөмү — 1,9 куб метр.

- Дүйнөдө нечен суулар, океандар бар. Аларды чек араларга бөлүү, кандайча ишке ашат?

- Дүйнөдө суу, деңиздердин аймагын бөлүп алуу мурда мыйзамдар жазыла электе замбиректин огунун алыстыгы менен ченешчү экен. Мисалы, замбиректин огу атылганда канча алыстыкка түшсө ошол жерге чейин замбирек аткан тарапка өткөн. Мына бир топ жыл мурда Каспий деңизинин маселесин чечип бүтүштү. Каспий деңизи Россия, Казакстан, Түркмөнстан, Иран, Азербайжанга таандык. Анын чек араларын чечүү да оңойго турган жок. Азыр мындай маселелер өлкөлөр аралык келишимдерге, документтерге ылайык чечилет. Суунун айрым аймактары нейтралдык зонага да кирет. Россия менен Кытайдын чек ара тилкеси менен аккан Амур Дарыясы, Батыш Европадагы Дунай дарыясы ошол мамлекеттер тарабынан түзүлгөн келишимге ылайык мамлекеттер аралык бөлүнүүгө ылайыкталган.

- Быйыл Ысык-Көлдүн суусунун тартылышы байкалдыбы? Сиз мындай кубулушка кандай түшүндүрмө берет элеңиз?

- Бул табияттагы мыйзам ченемдүүлүк. Качандыр бир мезгилде Ысык-Көлдүн деңгээли 1640 метрге чейин көтөрүлгөн экен. Азыр 1608 метр деңгээлде турат. Көл кээде толуп, айрым учурда тартылып турган. Ысык-Көл ар бир 11,13 жылда өзгөрүп турат. Азыр көлгө куйган дарыялардын баары сугатка кеткендигине байланыштуу деп билем. Дарыялардан суу аз келип, бууланyу көбөйгөн. Бирок, жаанчыл болгон жылдарда көлдүн деңгээли көтөрүлөт. Эгер биз көлдүн суусун өз деңгээлинде сактайбыз десек, токойдун аянтын көбөйтүп, жашылдандыруу иштерин колго алышыбыз зарыл. Токой миллиондогон куб метр нымдуулукту кармап турат. Мөңгүлөрдүн тездик менен эришин токойлордун аянтын көбөйтүү аркылуу азайтсак болот. Токой абаны тазалайт. Нымдуулукту кармайт. Биз болсо тескерисинче аны кыйып, жок кылуунун үстүндөбүз. Азыр дүйнөлүк деңгээлде бул маселе көтөрүлүп, токой аянтын көбөйтүү сунушу берилүүдө.

Жазгүл КЕНЖЕТАЕВА

■ Баткен – Кыргызстандын жүрөгү

Лейлек районунун Жаңы-Жер айыл аймагынын башчысы Кубатбек МУСАЕВ:

“ЭЛ МЕКЕНИБИЗДИ КОРГООГО ДАЯРБЫЗ ДЕШҮҮДӨ”

Лейлек районунун Жаңы-Жер айыл аймагы тажик аскерлеринин аткылоосунан улам олуттуу зыянга кириптер болду. Айыл өкмөтүнүн башчысы Кубатбек Мусаевдин айтуусунда, артиллериялык аткылоодон кийин тажик жарандары үйлөрдү тоноп эле тим болбостон, өрттөп да кетишкен. Айыл өкмөтүнүн, милиция бөлүмчөсүнүн жана ФАПты да толук талкалап, ичиндеги оор техникаларды уурдап, тоноп, өрттөп жиберишкен. Учурда 73 турак жай такыр жараксыз болуп, дагы бир катар коммерциялык соода түйүндөрү да өрттөлгөн. Жай тургундар коопсуз жайга кетүүгө аргасыз болуп, ээн калган айылда кадимкидей талап-тоноолор болгон - дейт айыл өкмөтүнүн башчысы. Учурда Жаңы-Жер айыл аймагында кыйроого учураган үйлөрдү калыбына келтирүү иштери жүрүп жатат.

- Кубат Ибрагимович, чындыгында кошуна өлкөнүн агрессордук баскынчылыгы элибизди ашыкча түйшүккө салды. Кандай болгон чакта дагы жашоо улана берет эмеспи. Бүгүнкү күндө айыл өкмөтү эмне менен алектенүүдө?

- Айылды айылдаштарыбыз менен бирге калыбына келтирип жатабыз. Азыр 73 үйдүн баары тазаланып бүттү. Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин 100дөн ашык жоокерлери иштеп жатышат. Мындан тышкары 15ке жакын оор техникалар – сүрүүчү, жүктөөчү, ташуучу унаалар болуп, күн батканча ал турсун учурда түнкүсүн да тыным жок.

- Жакшы күндөр алдыда. Буюрса чек ара маселеси чечилет. Элибиз мурдагы жашоого кайтат. Эл бар, мамлекетибиз бар дегендей?

- Элибизге рахмат. Өлкө боюнча бизди жалгыз калтырбай жардамдарын берип жатышты. Мына бүгүн эле сүлүктүлүк шахтёрлор бизге көмүр жөнөтүшүптүр. Суук түшкөндө аябай жакшы жардам болду, рахмат. Ал эми курулуш иштерине токтолсок, өткөндө Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров келип, кышка чейин үйлөрдү куруп беребиз деп убада берип кеткен. Буюрса типтүү, узуну 14 метр, туурасы 8 метр болгон турак үйлөрдү куруу макулдашылды. Жалпы суммасы 3 млн сомдон ашыгыраак турган бул үйлөр кирпичтен, заманбап курулат деп айтышууда.

- Айтмакчы, турак жайы жараксыз болгон үй-бүлөлөргө мамлекет тарабынан жардамдар бериле баштадыбы?

- Ооба, комиссиянын чечими менен ар бирине 200 миң сомдон кайтарымсыз берилүүдө. 36 боз үй келген. Каалоочулар үйлөрү бүткөнгө чейин алып пайдаланышууда. Ошого удаа эле контейнер тибиндеги үйлөр да убактылуу пайдаланууга берилет. Бир сөз менен айтканда, кырдаалдан чыгуу үчүн бардык аракеттер көрүлүүдө. Билесиз да сабырдуу, эмгекчил элибиз баарына шүгүр кылып, эртеңээк турак үйлөрүн бүткөрүп алуунун аракетинде.

- Тазалоо иштери бүтүп калыптыр, үйлөрдү куруп баштоонун күнү да белгилендиби?

- Буюрса, жакында башталат. Курулуш компаниялары азыркы учурда типтүү жаңы үйлөрдү кантип курабыз, эмне кылсак элге ыңгайлуу болот деген акыркы макулдашуулардын үстүндө иштеп жатышат. Келишимдер бүтсө эле курулуш иштери бир темп менен башталат.

- Элдин маанайы кандай?

- Эртеңээк үйүбүз бүтсө экен деп турушат. Мындай кырдаалды эки жолу баштан кечирген айылдаштарымдын эрдигине, каармандыгына рахмат. Коопсуздугубуз сакталса эле ата-бабабыздын киндик каны тамган жерден кайда кетмек элек деп турушат. Азыр айылга 50 пайыз элибиз кайткан. Эгер турак жайлар бүтсө баары келишет. Ошондуктан, күн сууктап калса кайда барып жашайбыз дегендердин да маселеси чечилүүдө. Жалал-абаддыктар кыш мезгилинде турак жайы бүтө элек жарандарды чакырып жатышат.

- Эл эмне дейт, дагы кандай көйгөйлөрдү айтышат?

- Тынчтык болсо дешет. Ата Мекенибизди, туулган айылыбызды коргоого даярбыз. Элдик кошуун түзөбүз, 60 жашка чейинки баарыбызга курал берип, атайын машыгууларды өткөрүшсүн дешет.

■ Элим, бир бол!

ТУРАК ЖАЙЛАРЫ ЖАРАКТАН ЧЫККАНДАРГА 800 ТОННА КӨМҮР АКЫСЫЗ ЖЕТКИРИЛДИ

Ушундай демилге менен Сүлүктү шаарынын шахтёрлору 16-17-сентябрда тажик агрессиясынан жабыркаган Лейлек, Баткен райондорунун чек арага чектеш жайгашкан айылдарына 800 тонна көмүр жеткирип беришти. Бул тууралуу Сүлүктү шаарынын көмүр өндүрүүчү ишканасынын жетекчилери билдиришти.

Биз «Кара-Алтын» кенинин жетекчиси, Сүлүктү шаардык кеңешинин депутаты Каныбек Исмаилов менен баарлаштык. Анын айтуусунда 10-октябрда 30дан ашык оор жүк тарткан автоунаалар Баткен жана Лейлек райондорундагы тажик агрессиясынан жабыркаган жарандарга жөнөтүлдү.

Эске сала кетсек, Жарандык коргонуу комиссиялары тарабынан тактоо иштери жүргүзүлүп, 639 турак үй жабыркаган, 422 жашоого жараксыз, 217 оңдоп-түзөөгө муктаж, 11 административдик, стратегиялык объект, 27 социалдык объект, 335 сарай, 197 камсыздоочу объект, 61 унаа жабыркап, унаа өтүүчү 1 көпүрө жарабай калган. 140 миңден ашуун жай тургундар коопсуз жайларга көчүрүлгөн. Учурда Арка, Интернационал, Максат, Ак-Сай, Капчыгай айылдарындагы кыйроого учураган турак жайларды калыбына келтирүү иштери жүрүүдө.

Кыш жакын. Күн сууктап баратат. Жалпы эл жабыр тарткан айылдарды ашар жолу менен тазалоодо. Мындан тышкары, ӨКМдин жана курулуш мекемелеринин кызматкерлери күчөтүлгөн тартип менен иштешүүдө.

Дал ушундай кырдаалда Сүлүктү шаарынын кенчилери жабыр тарткан үй-бүлөлөрдү көмүр менен камсыз кылууну чечишти. Көмүр өндүрүүчү ишкананын жетекчилеринин маалыматтарына таянсак, 10-октябрда «Элим, бир бол!» деген чакырык менен сүлүктүлүк кенчилердин гуманитардык жардамы 50дөн ашык унаалар менен Лейлек жана Баткен райондорунун жабыр тарткан айылдарына жөнөштү. Жалпы суммасы 5 млн сомдон турган мындай жардам жабыр тарткандарга бир туугандык жылуу маанай тартуулайт.

Кыйын кырдаалда көйгөйлүү маселени чечүүгө көмөктөшкөн кенчилерге рахмат.

Эске сала кетсек, сүлүктүлүк кен иштетүү мекемелеринин жетекчилери эвакуацияланган элдерди гуманитардык жардам келгенче Сүлүктү шаарында бардык муктаждыктарын камсыздап, 400 миң сомдук акчалай жардам беришкен.

Кышы оор, көк мелжиген аска тоолордун арасында жайгашкан Ак-Сайга суук түшө баштады. Тажик агрессиясынан жараксыз болгон турак жайларды калыбына келтирүү иштери ошого карабастан кызуу жүрүүдө. Турак үйлөр бүткөнчө деп, Өзгөчө кырдаалдар министрлиги тарабынан курулган жылуу чатырларда убактылуу күн кечирип жаткан ак-сайлыктар үчүн сүлүктүлүктөрдүн мекендештик жардамы өзгөчө жылуу маанай тартуу кылды.

Каныбек Исмаиловдун айтуусунда турак үйлөрү жарактан чыккан бардык жарандарды көмүр отундары менен акысыз камсыздашат. Кен чыгарган ишкананын аттуу-баштуу жетекчилери ийри отуруп түз кеңешишкенден кийин ушундай чечим кабыл алышкан. Чоң автоунаалар каз катар тизилишип, Сүлүктүдөн 150 чакырымдай алыста жайгашкан Ак-Сайга, Капчыгайга чейин келишти. Ар бир үйгө 3 тоннадан көмүр беришкен шахтёрлорго жергиликтүү тургундар ыраазычылыктарын айтышты.

Адылбек АКМАТОВ,
Баткен облусу

Байдылда Сарногоевге 90 жыл

“Кыргыз деп келгем дүйнөгө, Кыргыз деп өтөм дүйнөдөн”

Кыргыз эл акыны Байдылда Сарногоевдин көзү тирүү болгондо быйыл 90 жашка толмок. Мындан улам, кыргыздын аттуу-баштуу инсандары айтылуу Байдылда Сарногоев туурасында эскертишти.

Академик Мурат ЖУМАТАЕВ:

“УНИКАЛДУУ АКЫН БОЛГОН”

- Кыргыз элинде тубаса акындык таланты бар, акындык тагдыр бүткөн, нукура поэзиясы менен калың элдин катмарына сиңип, жалпы элдин сүймөнчүгүнө ээ болгон акындардын бири – бул Байдылда Сарногоев. Ал кайталангыс таланты, көөнөрбөс чыгармалары менен кыргыз адабиятынын өнүгүп-өсүшүнө салым кошкон. Поэзиялары калктын калың катмарына жагып, ыр саптарындагы учкул, таамай айтылган кептери элге сиңип, жашап жатышынын негизги сыры анын эптүүлүгүндө. Сарногоевдин поэтикалык дүйнөсүнүн, көркөм поэтикалык деңгээлинин улуттук өңү-түсү, көп кырдуу боёктору, терең мазмундуулугу анын чыгармачылыгынын ички сырларын ачып, окурман журтунун кызыгуусун жаратып турат. Сарногоев эч бир акынга окшобогон, эч ким айта албаган бүткүл элдик сүйүүгө арзыган уникалдуу акын. Ал чыгармачылыгы жетилип турган мезгилде 1982-жылы “Ашуудан берген отчётум” деген поэтикалык жыйнагын жазды. Таң калычтуусу бул китеп көп нуска менен чыгып, Ырларына суусап турган окурмандар заматта талап кеткен. Китеп ошол мезгил үчүн мүнөздүү болгон дефицитке айланган. Ал кезде жакшы импорт товарлардын бардыгы дефицит болчу. Кийин ал китеп кайрадан 20-30 миң нуска менен басылып чыгып да тарап кеткен. Ырларынын сыры анын жөнөкөйлүгүндө. Ошондуктан аны окурман сүйүп окуйт, сырдашат, кайгы-кубанычын тең бөлүшөт. Өзүнүн арзуусун ошол ырлардан табат. Табышмактуу метафоралар, татаал образдар эмес, сыр жашырбаган ачыктыгы, чынчылдыгы менен окурманды өзүнө тартып турат. Ал өзүнчө поэтикалык стили бар акын. Бул анын поэтикалык дүйнөсүндөгү образдуулугунун курчтугу, байлыгы, эмоционалдуулугу менен өзгөчөлөнөт. Дагы бир айта кетчү нерсе, Байдылда Сарногоевдин чыгармаларында юмор күчтүү өнүккөн. Ал өзүнүн оригиналдуу формасы менен айырмаланган. Акындын “Дилбар”, “Жашасын аял”, “Жылкычы бозой”, “Ак чыны” сыяктуу обондуу ырлары азыр да эл оозунан түшпөй, ырдалып жүрөт. Байдылда Сарногоев турмушка, жашоого, өмүргө нукура көз менен караган элдик акын. Анын поэзиясы улуттук колоритке бай. Акын бардык ырларында өзү катышып, анын кыял-жоругу, жүрүм-туруму кошо камтылып, бирде ойлонтуп, бирде жылмайтат.

Мамлекеттик жана коомдук ишмер, адабиятчы Абдыганы ЭРКЕБАЕВ:

“ЖӨНӨКӨЙЛҮГҮ МЕНЕН ДАҢАЗАЛУУ АКЫНГА АЙЛАНГАН”

- Феномен деген кыргызча айтканда сейрек көрүнүш дегенди билдирет. Буга мисал кылып Аалы Токомбаев, Алыкул Осмонов, Омор Султанов, Сүйүнбай Эралиевдерди айтсак болот. Ошондой эле, Байдылда Сарногоев да чыныгы сейрек талантка, сейрек өнөргө ээ. Ал феномен деп айтканга толук татыктуу, нукура стилде жашаган акын болгон. Анын сейрек таланты ушунчалык жөнөкөй. Чынчылдыгы бардык жагынан мөөр баскандай көрүнүп турат. Сарногоев эч убакта калп айткан эмес. Турмушту кандай көрсө, ал чыгармаларында дал ошондой сүрөттөп берген. Жөнөкөйлүгү менен даңазалуу терең акынга айланган.

Сынчы, адабиятчы, котормочу Осмонакун ИБРАИМОВ:

“САРНОГОЕВ ЧЫНЫГЫ КЛАССИК”

- Байдылда Сарногоев өзүнчө бир эч кимге окшошпогон акын. Бул киши туурасында сүйлөй берсек сөз көп. Ал чыныгы элдик акын. Эмнеге элдик акын? Себеби, анын ырлары элдик ооз эки чыгармачылыкка жакын. Бул инсандын чыгармачылыктагы тили, кайрыктары, стилистикасы, лексикону өзгөчө. Кыргыз адабиятында 1960-жылдары С.Эралиев, С.Жусуев, Ч.Айтматовдордон турган чоң топ бар эле. Алардын катарында Б.Сарногоев да турчу. Салижан Жигитовдун “Бул Таластан генийлер туулат же жиндилер туулат” деген жакшы сөзү бар. Мындан улам Таластан Б.Сарногоевдин мисалында гений инсан туулган. Б.Сарногоев чыныгы классик. Анын “Мидинге кат” чыгармасы эле канчалык?

КРнын Улуттук жазуучулар союзунун төрагасы Нурлан КАЛЫБЕКОВ:

“КАЙКАЛАГАН, КОСТЮМ ШЫМЫ ЧЫКЫЯ ЖАРАШКАН АДАМ ЭЛЕ”

- Мен Байдылда Сарногоевди 1990-жылы мектепте окуп жүргөн кезимде көргөм. Көчкөн Сактанов, Байдылда Сарногоевдер биздин мектепке келишкен. Анда мен 11-класста окуп жүргөм. Байдыкенин чыгармаларында юмор күчтүү болгону менен өзү зыңгыраган киши экен. Кайкалаган, костюм шымы чыкыя жарашкан адам эле. Кийин студент болуп калганда 1993-жылы КУУда “Жаш толкундар” деген адабий ийрим бар болчу. Азыр деле бар. Бир жолу биз дубал гезит чыгарабыз, юбилей өткөрөбүз деп даярданып калдык. Ал үчүн акын-жазуучулардан интервью алып келүү тапшырмасы болду. Менин бактыма Байдылда Сарногоев буюруп, мага ал бөлүндү. Ошондо Байдылда Сарногоевдин үйүнө барып маектештим. Ал кезде кырсыктап, жамбашы сынып жаткан экен. Анан кыргыз эли биринчи эле жерин, элин сурайт эмеспи. “Балам, кайсыл жердин кулунусуң?” деди, Аксыдан экенимди айтсам көзү жайнай түштү. “Мен Сары-Челекте беш жолу болгом, ага арнаган беш ырым бар. Кыскасын окуп берейин.

Жашыруун сырдуу күү чалып,
Жай толкуп кайра тынч алып.
Жаңгактуу тоонун койнунда,
Жатканын көрчү суйсалып” деп ырын окуп, жакшы маек куруп берген.

Акын, драматург, жазуучу Асан ЖАКШЫЛЫКОВ:

“УЛУТТУК АКЫН ДЕГЕН ЭЛДИК БААГА ЭЭ БОЛДУ”

- Бузулса Байдылда Сарногоев бузулуп кетмек. Ал орусча окуду. Аны-сы аз келгенсип Москвага барып, жогорку окуу жайга тапшырып, орус чөйрөдө жүрдү. Ал жакта окуп жүргөндө өзүнө тиешелүү дүйнөлүк деңгээлдеги улуттук акын-жазуучулардын чыгармаларына басым жасаган. Анткен менен улутуна, элине болгон сүйүүсүн өчүргөн жок. Жыйынтыгында улуттук акын деген элдик баага ээ болду. Саякбай Каралаев менен бекеринен жакын болбосо керек. Сарногоев кыргыз дегенде ичкен ашын жерге койгон, патриот акын экенин Нарынга чогуу барып, чогуу жүрүп калганда билгем. Учурда анын кадырын, баркын билбей келаткандайбыз.

Публицист Анатай ӨМҮРКАНОВ:

“САЯКБАЙ КАРАЛАЕВ БАЙДЫЛДАНЫ ЖАКШЫ КӨРЧҮ”

- Мага Байдылда Сарногоев кайыптан бүткөн жандай сезилет. Бул кишиде кыргыз акындарына гана таандык мүнөз, касиет өтө күчтүү болчу. Мекен деген ошол акындын же жазуучунун жаны. Байдыке союз маалында кандай шарт болбосун, кандай кыйынчылык болбосун “улутум, кыргызым” деген чыгармаларды жаратты. Саякбай Каралаев Байдылданы жанындай жакшы көрчү. Экөө аябай тамашалашчу. Сакем айтчу “Байдылда, сен менин баламсың. Таласка барсам бир сары келин бар экен, ошол менен сүйлөшкөм. Сен ошондон туулгансың” десе, Байдыкем “Ооба, мен ошондон туулгам. Мен бекер эле Сарногоев болуп жүрөт окшойм. Бүгүнкү күндөн баштап фамилиямды Каралаев деп жаздырып алсамбы? Анан сиз мага алимент төлөп каласыз” деп жооп берсе, баарыбыз каткырып күлүп калчубуз. Мына ушундай улуулугу, жөнөкөйлүгү да кайталангыс адам эле. Адамдарда өйдөсүнүү, кыйынсынуу деген чогуу жүрөт. Ал эми бул кишиде андай таптакыр болгон жок. Ушунчалык жөнөкөй, кичи пейил адам эле. Биздин кечиксек дагы ушунтип айтып, эскерип отурганыбыздын өзү жакшы. Бул тарых үчүн керек. Байдылдасыз ырыбыз ыр болбойт.

Акын Акбар РЫСКУЛОВ:

“БАШЫНАН ӨТКӨН НЕРСЕЛЕРДИ АЙТЫП БЕРГЕН”

- Он беш жашымда Жазуучулар союзуна келип калдым. Келсем Байдыкем адабий консультант экен. Бир күнү экөөбүз бильярд ойноп калдык. Анан мага башынан өткөн нерселерди айтып берди. Ошондо “Мен Жазуучулар союзуна келгенде кыйын мезгил эле. Бир жолу апам айылдан бир баштык калама нан жасап, салып берди. Аны көтөрүп алып Жазуучулар союзуна келдим. Бир баштык нанды сыртка коюп коюп кирип чыгайын десем, согуштан кийинки оор, жокчулук убак. Бирөө көтөрүп кетсе эмне кылам? деп, киргенден уялып, ойлонуп турсам, нары жактан эки адам ээрчише келип, “Ой бала эмне турасың?” дешти. Ыр жазам. Жазуучулар союзуна келгем десем, “Бас анда, кир!” дешти. Экөөнү ээрчип, баягы баштыгымды көтөргөн боюнча бир бош бөлмөгө кирдим. Бирөөсү ички төш чөнтөгүнөн арак алып чыгып, “эми муну бизге куюп бер” деди. Аларга куюп берип, андан соң алар менен тааныштым. Көрсө анын бири Райкан Шүкүрбеков, экинчиси Мидин Алыбаев экен” деп айткан.

Ж.Баласагын атындагы КУУнун мамлекеттик тил жана тарбия иштери боюнча проректору Садык АЛАХАН:

“БАЙДЫКЕМ БАСМЫРЛАНГАН АКЫНДАЙ СЕЗИЛЧҮ. КӨРСӨ...”

- Байдыкем бизге окшогон жаштарга жолукканда баладай болуп көздөрү жайнап, бир нерселерди айтып берээр эле. Эмнегедир ушулардын эсинде калсам экен дегендей мамиле кылчу. Чымчып сүйлөчү, биз жыргап күлсөк, биздин күлгөнүбүздү көрүп өзү да жыргап калчу. Ошол күндөр эсимде калыптыр. Жакында “Ашуудан берген отчётумду” кайрадан эргип окуп чыктым. Байдыкемдин сезимталдыгына таң калдым. Бул жолу окуган “Ашуудан берген отчётум” мени өзгөчө таасирлентти. Мага Байдыкем социалисттик коомдун учурунда китептери чыкпаган, басмырланган акындай сезилчү. Көрсө андай эмес экен. Байдыкемдин китептери ар эки жылда чыгып туруптур. Башкача айтканда, социалисттик система ага нукура талант катары аздек мамиле кылыптыр. Алгачкы китеби 1955-жылы, кийин 1956-1958-жылдары жарык көргөн экен. 1974-жылы Тандалмалары чыгыптыр. Китеп чыгаруу үчүн ошол кезде сейрек гана акындар уруксат алчу.

Байдылда Сарногоевдин уулу Бактыяр САРНОГОЕВ:

“АТАМ КЫЯЛКЕЧ БОЛЧУ”

- Атам: “Мен киммин, мен бир акын жаман сары,
Колунда койкоңдогон калем сабы.
Энекем эптеп төрөп койсо керек,
Кыргызда көбөйсүн деп адам саны – деп жазгандай өзү кыялкеч болчу. Бирде ойчул, бирде шайыр, колу ачык, меймандос адам эле. Улутун сүйгөн, эне тилине күйгөн акын болгон.

Орус тили улуу тил,
Ушул биздин заманда,
Бирок кыргыз кыргызча,
Сүйлөбөгөн жаман да.
Эне тилин билбеген,
Эси жогун аныктайт,
Эне тилин сүйбөгөн,
Элин сүйүп жарытпайт – деген атамдын ыры чыкканда өтө катуу сынга алынган. Ошентип сынга кабылганда да атам мындай деп жооп айткан:

Улутчул дешет билбеген,
Улутун кимдер сүйбөгөн...
Кызыл эт кезден торолтуп,
Кыялым көккө күүлөгөн.
Кыргыз деп келгем дүйнөгө,
Кыргыз деп өтөм дүйнөдөн.

Анан апам кээде тамашалап “Атаңарды Токтогул акындай кылып Сибирге айдап жибереби деп коркком” деп калчу. Атам дайыма "өз элимди, өз жеримди даңктоодон тажабайм" деп көп айтчу.

Жазгүл КАРБОСОВА

Мар Байжиевдин элесине арналат

АЛТЫН ДООРДУН АСЫЛ ИНСАНЫ

Үстүбүздөгү жылы 6-октябрда Бишкектеги Алыкул Осмонов атындагы улуттук китепкананын Чыңгыз Айтматов атындагы кыргыз-түрк маданият борборунда III даражадагы Манас, Данакер ордендеринин ээси, Кыргыз кинематографиясынын отличниги, Кыргыз эл жазуучусу, прозаик, драматург Мар Байжиевди эскерүү кечеси болуп өттү. Эскерүү кечеге коомдук жана мамлекеттик ишмерлер, акын-жазуучулар, театр жана кино жаатындагы кесиптештери катышты. Кечени Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигинин алдындагы Улуттук адабиятты өнүктүрүү борбору уюштурду.

Мар Байжиев 1935-жылы 23-мартта Жалал-Абад облусунда туулган. КМУнун орус тили жана адабияты бөлүмүн, Москвадагы Жогорку сценардык курсту бүтүргөн. М.Байжиевдин сценарийи боюнча "Кыргызфильм" киностудиясында "Ак илбирстин тукуму", "Алтын күз" толук метраждуу көркөм фильмдери тартылган.

Кыргыз эл акыны, Улуттук адабиятты өнүктүрүү борборунун жетекчиси Кожогелди Култегин:

"ДҮЙНӨДӨН КАЙТКАНЫН УККАНЫМДА ДЕНЕМ МУЗДАП, ЖАМАН БОЛДУМ..."

- Кыргыз улуттук академиялык театрдын ордунда атасы Ташым Байжиевдин үйү турчу. Бул кыргыз маданияты, адабияты үчүн өзгөчө маанаге ээ. Мар Байжиевдин айтканы боюнча бул үйгө кыргыз адабият-маданиятынын каймактары, кыргыз искусствосуна эмгек сиңирген улуу инсандардын баары келип-кетип жүрүшчү. Жусуп Турусбеков, Жоомарт Бөкөнбаев, Хусейин Карасаев, Касым Тыныстанов ж.б. инсандар Ташым атабыздын үйүндө конок болуп, ойноок баланын көкүлүнөн сылап эркелеткени, кичинекей Мардын эсинде калган. Ал тургай кимиси кандай сүйлөп, кантип каткырып күлгөнүн чын жүрөгү менен эскерип калар эле. Балалыгы өткөн жерде, жылдардын бир жылдарында өзү жазган пьесалары коюлмагы үч уктаса түшүнө кирбегендир. Мен ал кишинин бул дүйнөдөн өтүп кеткенин уккандагы сезимимди, кандай кабыл алганымды айтып берейин. Жакшылык-жамандыкта өзүндүн элиң менен чогуу болгон жакшы экен. Ал кезде Түркияда элем. Байжиев жөнүндөгү суук кабардан денем муздап, жаман болдум. Жанымдагы башка улуттун адамдарына күйүп-бышып айтсам, алар маалыматтын деңгээлинде гана кабыл алып коюшат экен. Үйгө барып жанымдагы жалгыз кыргыз аялга эшикти ачары менен "Мар Ташымович дагы өтүп кетти!" дедим. Майрамкан Абылкасымова, Аскар Какеев, Бексултан Жакиев, Мар агабыз төртөө катары менен кетип калышты. Кыргыз ушунчалык коңултактап, кыргыздын дүйнөсү, ааламы бош калгандай болду. Мар Ташымович төрт тарабы төп келишкен инсан эле. А кишиге муруту жарашкандай болуп, эл жазуучулук наамы, "Манас" ордени, депутаттык мандаты, чет өлкөдө жүргөнү, баары жарашчу.

Кыргыз Республикасынын эл артисти Мираида ДАЛБАЕВА:

"ЖАШООГО, ӨМҮРГӨ АШЫК БОЛГОН ИНСАН ЭЛЕ"

- Мар Байжиев менен биз замандаш болгонбуз. Мардын өзгөчө маданияттуулугу, талант-туу инсан болгондугу баарыбызга маалым. Алтын доордогу (алтымышынчы жылдарды айтып жатат Б.А.) жасаган эмгегибизге, мыкты образдарды жаратканыбызга, ушундай адам менен бирге иштеп, баарлашып жүргөнүбүзгө мен сыймыктанам. Мар өзү чыгармачылык ишмерлигинин аркасы менен театрдын, драматургиянын өнүгүшүнө чоң салым кошкон залкар инсандардын бири эле. Жазуучу болуп сансыз чыгармаларды, драматург катары ондогон пьесаларды жазды. Ал чыгармалар кыргыз театрларында гана эмес, дүйнөлүк театрлардын сахналарында коюлду. Мар Байжиевдин спектакли болот дегенде эл театрга батпай калчу. Биздин доордо эл өзү театрга абдан көп келер эле. Азыр ошол кездерди эстесем жүрөгүм ыраазы болот. Аялдар модалуу көйнөктөрүн, татынакай туфлилерин кийип жасанып келишчү. Зал толтура, кассада билет жок, спектаклдер аншлаг менен өтүп, эл дуулдатып кол чаап турчу эле. Спектаклдин аягында сөзсүз түрдө "Автор! Автор!" деп залдан кыйкырышар эле. Ал учурда бизде бир жакшы адат бар болчу, оюндан соң "Бул чыгарманы кандайча жазып калдыңыз? Эмне үчүн ушундай ролду жазуу оюңузга келди эле" деп пьесанын авторуна залдагы эл суроо беришчү. Ошонун баарына Мар жакшынакай кылып, ирети менен жооп берип, аягында: "силер артисттин ишин оңой деп ойлобогула. Дүйнөдөгү эң татаал профессия актёрдуку. Себеби, актёр өзүнүн нукура табиятынан чыгып, башка адамдын кулк-мүнөзүн, табиятын так өзүндөй бериши керек" дечү. Ошондо залда дүркүрөтө кол чабылып, "Баракелде! Жаша!" деген үндөр угулчу. Ошондой заман болгон бир кездерде. Мардын спектаклин биз сахнада репетиция кылып жатканда сөзсүз өзү келип, режиссёр менен кеңешип, артисттер менен кошо иштечү. Ошол образ аркылуу кандай ойду бергиси келгенин ийине жеткире түшүндүрүп, ролу жөнүндө артист өзү эмне деп ойлогонун укчу. Абдан тамашакөй болчу. Актёр менен сүйлөшүп жатып, анын ортосунда анегдот айтып жиберчү. Баарыбыз кыраан-каткы күлүп калат элек. Акырында айтарым – Мар жашоону кумарланып сүйгөн, кумарланып жашаган. Ал тирүүлүккө, өмүргө ашык болгон инсан эле. Мына, бул жерде өмүрлөшү, актриса Шайгүл Алсеитова олтурат. Шайгүл, сен – Мардын музасы болгонсуң. Сен Марга эргүү берүүчү булагы болгонсуң. Анын көз карашынан, кыймыл эткенинен ага эмне керек экенин билчүсүң. Үй-бүлөдө дагы анын чыгармачылыгына жардам берген ишенимдүү жардамчысы болдуң. Өтөр Мар өттү, кетер Мар кетти, бирок, биздин кыргыз маданиятынын тарыхында анын ысымы түбөлүккө калды.

Кыргыз Республикасынын эл артисти Түгөлбай КАЗАКОВ:

"АЙТМАТОВДОН КИЙИНКИ КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫН ДҮЙНӨГӨ ТААНЫТКАН АДАМ"

- Мар ага экөөбүз чынында ынак мамиледе элек. Алтымышынчы жылдарды "алтын доор" деп так, таамай атаган. Биздин жалпы маданияттын алтын доору десек болот. Ошол алтын доордун учурунда маданият министри Күлүйпа эжебиздин мыкты касиеттеринин бири, министрликке өтө таланттуу, келечектүү жаштарды чогулткан. Ошол жаштар Мар Байжиев, Бексултан Жакиев, Эрнис Турсунов, Мелис Шаршенбаев болчу. Кийин булардын баары чыгаан инсандар болуп чыга келишти. Театрга Мираида эжебиз баш болгон өзүнчө бир муун келди. Ошол учурда актёрлор дагы, чыгармалар дагы гүлдөп турган мезгил болчу. Жогоруда Мираида эже туура айтып кетти, биз ал кезде спектаклдерди көрүп, бирде ыйлап, бирде соронуп отурган көрүүчүлөрдүн бири болчубуз. Эски кыргыз драма театры Фрунзе музейинин жанында болчу. Мен студент элем, театрга көп келчүмүн. Экия Мукамбетов сахнада микрофону жок ырдап жатса, чымын учпай, эл былк этпей угуп отургану эсимде. Ошол учурлардан тарта абдан жакшы көрүп, театрга байланып калдым. Улам кийинки спектаклдерди күтүп көрөм. Театрды театр кылган мыкты драматургдардын бири Мар Байжиев болчу. Бул адам Айтматовдон кийинки кыргыз адабиятын дүйнөгө таныткан адам десем жаңылышпайм. Анткени, бул кишинин "Эрөөл" деген пьесасы жазылары менен Советтер Союзунун бардык өлкөлөрүнө анын жылдызы жанып, таанылып кеткен. Эмнеге дегенде Советтер Союзу учурунда пьесалар гүлдөп кеткен учур эмес эле. Партиянын көрсөтмөсүнөн чыга албай, бир топ чыгармалар ошол доор менен кошо өчүп кетти. Ошол кезде Мар Ташымович суурулуп чыгып, компартияга эч кандай тиешеси жок "Эрөөлдү" жазды. Ошон үчүн бул чыгарма дүйнөнү кыдырып кетти. Чыңгыз Төрөкуловичтен кийинки орус тилдүү калемгер дагы ушул Мар ага деп жүрөбүз. Бул адамдын тамашасы дагы шумдуктуудай курч эле. Бексултан Жакиев, Ашым Жакыпбеков, Төлөмүш Океев кошулганда Ала-Тоо дүңгүрөп турат эле. Таппаган тамашасы жок, актёрлер, кино группа чарчап турабы тамашалуу кеби, нарктуу сөзмөрлүгү менен бир заматта сергитип, жарптарын жазып койчу. Бул адамдардын арасында чыгарма дагы жаралып, жашоо да жашалып, көңүл да көтөрүлүп, өмүр токтоп турар эле. Ушундай доордун адамдарын көрдүм. Мындай доор өзүнөн-өзү келбейт да. Жогорудагыдай мыкты кишилердин аркасы менен келди. Ошол алтымышынчы жылдарда Күлүйпа Кондучалова драматургдарды чогултуп алып: "бизде интермедия деген жанр бар, бирок анын мыкты үлгүлөрү жок. Силер жазышыңар керек" дегенде Мар Байжиев "Шурик", "Бопуштун кайгысы" деген эки интермедия жазат. "Бопуштун кайгысын" Асанкул Шаршенов, Күнболот Досумбаев, Тууганбай Абдиевдер ойногон. Бул интермедиялар шумдук күчтүү чыккандыгын мындан билиңиз, элдин "дуу" күлкүсүнөн зал жарылып кете жаздайт эле. Мар Ташымовичтин мыкты жери – ойдо жок жерден ичеги-бооруң эзилгиче күлдүрчү. Кыргыздын юмору өзү шылдыңга жакыныраак болот да, Мар аганыкы интеллектуалдык юмор болчу. Ошол үчүн дүйнө кыдырып кетти деп ойлойм.

Кыргыз Республикасынын эл артисти, Мар Байжиевдин жубайы Шайгүл АЛСЕИТОВА:

"АКЫРКЫ ЖОЛУ СҮЙЛӨГӨНҮ "МАНАС" ДЕГЕН СӨЗ БОЛДУ"

- "Талантты талант баалайт" дегендей, "көч башы болгон Мар аксакалдан баштайын" деп, элди жыйнап, эскерүү кечесин өткөрүп жаткан Кожогелди Култегинге терең ыраазычылык билдирем. Абдан жакшы сөздөр айтылды. Менин институтту бүтүп келгеним бир тең дагы, Мар Ташымович, Мираида Далбаева өңдүү залкарлар менен иштешип калганым бир тең болгон экен. Ошол үчүн мен улуу театрга рахмат айтам. Кудай менин бактыма ушу адамды буйруп койгону үчүн ыраазымын. Өзү дагы "сен менин маңдайыма жазылган бактымсың" деп калганда "ой, анчалык эмне болуп кетти?" деп тамашалап калчумун. " Төлөмүш Океев менен кирпиктин ирмеминен байкашчу элек. Кезигип, сүйлөшүп турчу элек. Жолукканга шарт болбой калса, телефондон күлүп-каткырышып турур элек. Ал өтүп кеткенден кийин аябай жетимсиреп, жаман болуп турам. Сенин дүйнөдө бар экениң кандай жакшы" деди. Сатыбалды Далбаев каза болгондо "менин бир жүргөн замандаштарым, жакшы көргөн санаалаштарым кетип жатканына жүрөгүм тилинип, жаным кейип турат" деп ботодой боздоду. Эми жанатан бери адамгерчилиги, пьесалары жөнүндө айтылып жатат. Мен "Манас" эпосун орус тилине которгону жөнүндө айткым келип турат. 2008-жылы "эмне үчүн биз "Манасты" орусча ойнобойбуз? Бизде жүздөн ашык улут жашайт, өз ичибизде деле "киргиздер" көп. Орус тилинде ойноп, элге жайылтсак болот да" деген ой келип, бул оюмду Мар Ташымовичке айтсам, "жок, жок, мен которбойм" деп алгач көнө койбоду. Ал киши эң мыкты деңгээлде которорун мен билип турам да. Эски славян тилин мыкты билип, орус тилин суудай сүйлөчү. Далысынан таптап, жакшы сөзүмдү аябай "Сиз экинин бирисиз. Сиз кылбасаңыз муну ким кылат?" деп жүрүп ийиттим. Арадан төрт айдай убакыт өткөндөн кийин мага "окучу" деп кол жазмасын көрсөтүп калды. Кол жазмасы начар эле, мен окуй албай кызыма компьютерден тердирттим. Окусам, миң жылдан бери окуп, көкүрөгүмө жатталып калгандай тааныш экен, көзүмөн жаш чыгып кетти. Бул эмгек котормо эмес, Саякбай, Сагымбай аталарыбыздан алынганы чындык, а бирок, Мар Ташымовичтин өзүнүн версиясы. Өзү дагы "Бул чыгарма менин, Байжиевдин версиясы" деп айтып эле жүрдү. Достукту, сүйүүнү ушунчалык сонун поэтикалык тил менен берген. Он бир ай дегенде жазып бүтүп, бет ачарын өткөрдү. Мыкты филологдор, философтор, манас таануучулар келип, ичинен бирөө "Мар, тим эле Пушкиндин жомокторундай жазыпсың" деп калды. Анткенинин себеби, бул эмгек өтө чебер жазылып, ар бир адамга жеткиликтүү эле. Орус тилинде болгону менен каармандардын образдары, мүнөздөрү таамай берилген. "Манастын" орус тилиндеги котормосу даяр болду, эми спектакль коёлу" десем "радиодон эле окуп койбойсуңбу?" деди. "Ушунча котортуп алып радиодон эле окуп коюу жетишсиз го" деп сахнага ойноп чыкканга даярданып калдык. Бирок, бизге тааныш спектакдердей эмес бул. Төртөөбүз эле бир учурда он-он беш ролду ойнойбуз. Мар Ташымовичтин башкы максаты – актёрдун так сүйлөгөн тили, даана, бийик чыккан үнү аркылуу "Манастын" тилин, эпизоддорун, болуп жаткан окуяны көрөрмандарга жеткирүү эле. Биз орус драма театрында иштеп, бекер оюн койдук. Ырдан бир мүдүрүлсөң кайра оңой албайсың, чымындын үнү угулбайт, сахнада зырылдап турабыз. Оюн бүткөндөн кийин эл дүңгүрөтө кол чаап, сахнага жетимиштердеги байбиче чуркап чыкты: "Манастын" ким экендигин түшүнбөй келгем, бүгүн түшүндүм. Мен кыргыз деген улуу эл менен жашайт турбаймынбы" деди. Андан кийин Опера жана балет театрында коюлду, жети-сегиз тилге которулду. Манас өлгөндөн кийин Каныкейдин Семетей менен Чыйырдыны алып төркүнүнө качкан жерин "20 мүнөттүк тасма кылып тартам" деген. Тасманы тарта турган каражат, киночулар баары даяр болуп калган. Көрсө, көзү өтүп кетерине аз калган экен. Тойго кеткен элем, ошол жактан телефон чалсам, тили булдуруктап калыптыр, "Манас" деген сөзүн гана түшүндүм. Акыркы сүйлөшүүм ушул болуп калды, бир нече сааттан кийин ааламдан өтүп кетти. Бул күн 2021-жылдын 29-октябры эле.

Афина БАКИРОВА

■ Дени сак коом – дени сак улут

КӨП КЫЙМЫЛДАП, БӨЙРӨКТҮ САКТАҢЫЗ

Бөйрөк – организмге зыяндуу заттарды жолотпой, аны тазалап туруучу фильтр. Ошондой эле бөйрөктөрдүн жардамы менен зат алмашуу туура жүрөт, жалпы организм ичиндеги тең салмактуулук сакталат жана жаңы эритроциттердин пайда болуу процесси жүрөт.

Бөйрөк оорусунун ар кандай түрлөрү менен эркектерге караганда аялдар көбүрөөк оорушат. Бул аялдын организминин физикалык жана анатомиялык өзгөчөлүгү менен түшүндүрүлөт. Көпчүлүк учурда бөйрөктүн кызматынын бузулушу аял кош бойлуу кезинде башталат. Орто жаштагы жана андан өткөн эркектер да бөйрөк оорулары менен көп жабыркашат.

Эгерде кимде-ким тиш жана тамак ооруларын өз маалында дарылатпаса, бул адамдарда бөйрөк ооруларына чалдыгуу коркунучу жогору болот. Анткени, кариес, тамактын сезгенүүсү бөйрөк ооруларын чакырат. Бул инфекциялардын козгоочулары кан аркылуу бүт организмди айланып жүрөт да, анан бөйрөккө барып отурукташат. Өзгөчө ангина коркунучтуу – ал өтүшүп кеткенде бөйрөк катуу жабыркашы мүмкүн.

Эмгекчил, мээнеткеч адамдарга караганда жалкоолор бөйрөк ооруларына көп чалдыгышат. Анткени, көп кыймылдоо зат алмашууну, бөйрөктөрдүн жашоосун жакшыртат. Адам канчалык көп кыймылдаса, бөйрөктөр кан менен жакшы камсыз болуп, заара көп бөлүнүп чыгат. Бөйрөктө таштын пайда болуусу да сейрек болот.

ЗААРАНЫН ТҮСҮ АРКЫЛУУ БИЛСЕ БОЛОТ

Эгерде заара кызыл, кызгылтым түстө болуп, тунук болбой киргилтим тартып турса, анда заарада кан болушу ыктымал. Бул инфекциядан же заара бөлүп чыгаруучу системадагы шишиктен кабар берет. Мындай учурда тезинен дарыгерге кайрылуу керек. Эгерде заара ток сары түстө болсо, анда тынчсыздануунун кажети жок. Суюктукту аз ичкенде заара түсүн ушинтип өзгөртөт. Ал эми кочкул-күрөң түстөгү заара гепатиттин белгиси.

Кээде заара жашыл же көгүш түстө болуп калышы да мүмкүн. Мындан чочулоонун кажети жок. Болгону курамында боёктор кошулган жасалма азыктар менен тамактанганда көгүш болуп калат.

Кадимкидей зааранын түсү ачык сары болууга тийиш. Бирок ичкен суюктуктун өлчөмүнө жараша өзгөрүлүп турат. Тактап айтканда, суюктукту канчалык көп ичкенде зааранын түсү ошончолук ачык болот да, аз ичкен сайын кочкул тарта берет.

ООРУНУН БЕЛГИЛЕРИ

Эгерде бөйрөк ооруса эки көздүн астында “мүшөкчө” пайда болот, бир суткадагы зааранын өлчөмү азаят, дааратканага тез-тез баруу, бирок, аз-аздан гана заара бөлүнүп чыгат жана ал ачышуу менен коштолот. Түсү тунук болбой, киргилт болуп чыгат, көздүн көрүүсү начарлай баштайт. Ушул белгилерди байкоо менен тезинен дарыгерге көрүнүү зарыл. Ал эми бөйрөктөрдү мындай абалга жеткирбөө үчүн аларды маал-маалы менен үй шартында да тазалап туруу сунуш кылынат. Бирок, бул ыкмалар курч кармаган жана өнөкөт бөйрөк оорулары жокторго гана сунушталат.

ДАРБЫЗ ДИЕТАСЫ

Бөйрөктөгү таштардан арылуунун эң жагымдуу жана жөнөкөй ыкмасы бар. Бул ыкманы жыл сайын дарбыз жакшы бышкан маалда жасаса болот. Ал үчүн бир нече даана дарбыз жана кара нан керектелет. Бул азыктар менен бир жума бою тамактанып, дарбыз тамактын да, суусундуктун да ролун аткарат, ал эми нанды өтө ачка болгондо жеген туура. Мындай диета алсыздыкты, жүрөктүн оорушун чакырышы мүмкүн. Заара болсо киргилт тартып баштайт. Булардын баары бөйрөктөн кумдардын чыгып жаткандыгынын белгиси. Бөйрөктөр кечинде активдүү иштейт. Андыктан, бул ыкма күн сайын кечинде колдонулат: жылуу суу толтурулган ваннага отуруп, ошол эле калыпта ашказанга батышынча дарбыз жейбиз. Жылуу суу заара бөлүп чыгаруучу жолдорду кеңейтет, ал эми дарбыз болсо бөйрөктөгү кум менен кичинекей таштардын заара аркылуу сыртка тез чыгышын шарттайт.

ИТ МУРУНДУН ЖАРДАМЫ

Ит мурундун курамындагы заттар бөйрөктөгү таштарды майда кумга айландырганга жөндөмдүү келет. Андыктан, бул ыкмада ит мурундун маңызын пайдалануу керек. Ит мурундун 2 чоң кашык мөмөсүнүн үстүнө 1 стакан (200 грамм) суу куюп, 15 мүнөт кайнатабыз. Муздагыча күтө туруп, андан кийин тундуруп алуу керек. Маңыздын түсү канчалык кочкул болсо, анда пайдалуу заттар ошончолук көп болот. Стакандагы маңызды тең үчкө бөлүп, эртең менен биринчи бөлүгүн, түштө экинчи бөлүгүн, кечинде үчүнчү бөлүгүн ичүү керек. Бөйрөктү ит мурун менен тазалоо мөөнөтүнүн узактыгы – 2 жума.

Мындан сырткары жашылча ширелеринин жардамы менен да бөйрөктү тазаласа болот. Жайында бадыраң, күзүндө ашкабак ширеси жардамга келет. Бир стакан ширени тамактануунун жарым саат калганда бир күндө 3 жолудан ичүү эң пайдалуу. Бул эки жашылчанын ширесин аралаштырып ичсе да болот.

АЛМА МЕНЕН КАРАГАТТЫН ПАЙДАСЫ ДА УКМУШ

Алма диетасы 3 күнгө эсептелинген. Эртең мененки тамактын ордуна 1 стакан алма ширесин ичүү, анан ортолорунда эки саттан тыныгуу кылып, күн бою 2 стакандан ичүү керек. 3 күн ичинде алма ширесинен башка эч нерсе ичпөө керек.

Ал эми карагаттын бир нече даана жалбырагын таза жууп, үстүнө 0,5 л кайнак сууну куюп, 15-20 мүнөт демделип тургандан кийин жалбырактарды алып салабыз. Алынган маңызды отко коюп, дээрлик кайнаганга чейин ысытуу керек. Үстүнө 2 чоң кашык жаңы же кургатылган карагаттын мөмөсүн салып, дагы демдейбиз. Даяр болгон маңызды жарым стакандан ичүү сунушталат. Бул диетаны колдонуунун чеги жок, карагаттын маңызынын организмге эч кандай зыяны жок, тескерисинче, ал бир гана ден соолукту бекемдейт.

Бактыгүл КУЛАТАЕВА

ӨЗҮН КАРАБАГАН АДАМДА ИММУНИТЕТ ЖОГОЛОТ

Иммунитет – сырткы чөйрөдөгү вирус, бактерияларга болгон табийгый коргонуу реакциябыз. Иммунитеттин төмөндөп кетүүсү көптөгөн ар кандай ооруларды чакырат. Анын жакшы же начар болуусу жаш өзгөчөлүккө карабайт. Ал организмдин иммунитетке канчалык күч келтиргенине жараша болот. Организмдин башка бөлүктөрү сыяктуу эле иммундук система дагы карыйт. Аллерголог-иммунолог Елена Парецкая "Доктор Питер" басылмасына берген маегинде бул системанын алдан тая баштаганынын алгачкы белгилери тууралуу айтып берген.

Адистин пикиринде, иммундук система бул же тигил куракта карыйт деп так кесе айтуу мүмкүн эмес. Мисалы, адам өзүн карабай, өнөкөт ооруларды көбөйтүп, туура тамактанбаса 30 жашта деле иммунитет начарлап кетет. Ошол эле учурда өзүнө өзгөчө көңүл буруп, сергек жашаган кишилер 60 жашында дагы куландан соо жүрө бериши мүмкүн.

Адис иммунитеттин начарлап кеткендигинин белгилерин айткан. Бул – сезондук вирустук ооруларды татаал өтүшү, бат чарчоо, алсыздык, уйкунун келе берүүсү, ишке жөндөмдүүлүктүн төмөндөшү, эс тутумдун начарлашы, терининкургашы, ашыкча салмак, аллергиянын пайда болушу, чачтын көп түшүшү, тырмактын сынуусу. Дарыгер бул белгилерди өзүнөн байкаган адамдарды ден соолугуна олуттуу мамиле кылууга чакырат.

Эң алгач стресстен алыс болуу зарыл. Ошондой эле күн режимин туура сактоо, убакытты туура бөлүштүрүү. Өз убагында уктап, тамактанып, эс алуу керек. Азыр көпчүлүгүбүз, айрыкча жаштар телефон чукулап, кеч жатып толук кандуу эс алуунун болбогондугунун кесепети эң биринчи иммунитеттин начарлашына алып келет. Эске салсак, адам уктаганда клеткаларда алмашуу процесси жүрөт. Организм эс алып, эртеси күнкү жашоого энергия берет. Туура тамактануу иммунитетти көтөрүүдө эң негизги булак. Тамактануу аркылуу белок, углевод, май организмге керектүү витаминдер, микро элементтер кирет. Андан сырткары жаман адаттардан – тамеки тартуу, спирт ичимдиктерин ичүүдөн алыс болуу зарыл. Физикалык активдүүлүк – күнүгө чуркоо же басуу, таза абада 30 мүнөттөн кем эмес жүрүү абдан маанилүү.

Адам ооруганда дарыдармектерди дарыгердин сунушу менен гана ичкени туура. Антибиотиктерди өз алдынча кабыл алуу туура эмес. Мындай учурда иммунитет төмөндөп, башка оорулардын келип чыгышына жол ачат. Кандай гана дары болбосун, анын терс таасири бар экендигин унутпоо керек. Дарыгер оорулууга антибиотик менен кошо ичегидеги микрофлораны калыбына келтирүүчү дарыларды да жазат. Анткени, ичеги жакшы иштесе, иммунитет түшпөйт.

Бактыгүл КУЛАТАЕВА

КУРГАК УЧУКТУ ДАРЫЛАГАНДАРГА КОШУМЧА АКЫ

Борборубуздун медицина кызматкерлерине үй шартында кургак учукту ийгиликтүү дарылагандыгы үчүн “шыктандыруу төлөмдөрү” деп аталган кошумча акы төлөнө баштады.

Бүгүнкү күндө кургак учуктун 11 учурун ийгиликтүү дарылоо үчүн Бишкектин №1 Үй-бүлөлүк медицина борборунун 32 медицина кызматкери шыктандыруу төлөмдөрүн алышты. Төлөмдөрдүн жалпы суммасы 144 000 сомду түздү.

2017-жылдан тарта Кыргызстандын саламаттыкты сактоо тармагында USAID-дин жардамы менен кургак учук менен ооруган-дарды дарылоодо жаңы ыкмалар киргизилген. Алар бейтаптарды кургак учукка каршы ооруканаларда узакка жаткырбастан, жашаган жерине жакын баштапкы медициналык-санитардык жардам мекемелеринде келип-кетүү шарттында дарылоого негизделген. Мындай шарттагы жумушка райондук фтизиатр-дарыгерден башка үй-бүлөлүк медицина кызматкерлери да тартылышкан. Алар үчүн атайын иштелип чыккан каржылык шыктандыруунун негизинде ар бири өз салымына жараша акча алышат.

Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун төрагасы Азамат Мукановдун билдирүүсү боюнча жалпысынан 2017–2022-жылдары кургак учук амбулатордук деңгээлде ийгиликтүү айыктырылган 7662 учур катталып, жалпы 116 700 миң сом акча каражаты төлөнүп берилген. Азыркы учурда бул шыктандырууну этап-этабы менен Кыргызстандын бардык аймактарына жайылтуу пландалууда. Анткени ал өзүнүн таасирдүүлүгүн жана жакшы натыйжасын көрсөтүп жатат.

Бүгүнкү күнү амбулатордук шартта кургак учукту ийгиликтүү дарылоо үчүн каржылык шыктандыруу Чүй, Талас, Нарын, Баткен облустарында, Ош жана Жалал-Абад облустарынын айрым райондорунда ийгиликтүү ишке ашырылууда.

Разия ЖООШБАЕВА

Аймактарда

СОЦИАЛДЫК ШААРЧА КУРУЛДУ

Ош облусунда Кувейттин Ас-Сафа коомдук фондунун колдоосу менен социалдык шаарча, оорукана жана мектеп курулду.

Өзгөн районунун Куршаб айыл өкмөтүндө оорукана жана мектептин жаңы имараты курулуп, пайдалануурга берилди.

Куршаб айылында муктаж үй-бүлөлөрдүн балдарына колдоо көрсөтүү максатында курулган 300 орундуу "Аманат-Ош" билим берүү мекемеси керектүү эмеректер менен жабдылган. 20 окуу бөлмөсү жана административдик кабинеттери бар эки кабаттуу окуу корпусунда кийим алмаштыруучу жана жуунуучу бөлмөлөр менен окуу корпусуна туташтырылган спорт залы, 104 орундуу окуучу балдар, 104 орундуу окуучу кыздар үчүн жатакана, ашкана жана футбол талаасы бар.

Ошондой эле Кара-Суу районунун Катта-Талдык айыл өкмөтүндөгү Эшме айылында 152 үй-бүлө үчүн "Эне жана балдарды коргоого багытталган" социалдык шаарча ачылды.

Пайдалануурга берилген жаңы социалдык объекттер – Кувейт мамлекетинин "Ас-Сафа" фондунун каржылоосу менен Катта-Талдык айыл өкмөтүнүн Эшме айылындагы 4 гектар жерде заман талабына ылайык бардык шарттары бар 152 кожолукка 38 батир, ФАП, азык-түлүк дүкөнү, кичи футбол аянтчасы, мечит, 40 орундуу тигүү цехи камтылган.

ЖОЛ САКЧЫСЫ СЫЙЛАНДЫ

8-октябрь күнү саат 10:30 чамасында Баткен ШИИБиси боюнча Жол кыймылынын коопсуздугун камсыздоо бөлүмчөсүнүн башчысы, милициянын майору Аскар Токоев жол кыймылынын коопсуздугун көзөмөлдөө учурунда Баткен шаарынын ичиндеги каналда агып бараткан жаш баланы куткарып, өмүрүн сактап калган. Милициянын майору Аскар Токоевди КР Президентинин Баткен облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү Абдикарим Алимбаев ыраазычылыгын билдирип, "Баткен облусуна 20 жыл" медалы менен сыйлады. Мындан мурун социалдык тармактарда окуя боюнча видео тарап, куткаруучуга карата бир катар алкыш сөздөр айтылган эле.

БООМ КАПЧЫГАЙЫНДА

Бишкек–Нарын–Торугарт унаа жолундагы Боом капчыгайында таш кулоо коркунучун алдын алуу максатында таштарды кулатуу иштери жүргүзүлөт. "Кыргыз темир жолу" мамлекеттик ишканасынын басма сөз кызматынын маалыматына ылайык, таштарды кулатуу иштери аталган жолдун 129-чакырымында 10-14-октябрь күндөрү жүргүзүлөт. Жол саат 9.00дөн 15.00гө чейин маалмаалы менен жабылып турат.

ЫРЫС АЙЫЛЫНДАГЫ СҮТ ЗАВОДУ

Жалал-Абад облусундагы Сузак районунун Ырыс айылында ири сүт заводу курулуп жатат.

Учурда күнүнө 150 тонна сүттү кайра иштетүүчү заводдун курулуш иштери 90 пайызга аяктап калды. Завод үчүн жергиликтүү бийлик 2 гектар жер аянтын бөлүп берген. Ишкана жеке ишкер тарабынан курулууда.

Өндүрүштө отуздай адам үчүн жумушчу орундары түзүлөт. Сүт азыктары менен кошо мөмө-жемиштерди кургатуучу жана сактоочу эки ири логистикалык борбор курулат.

"Эркин-Тоо" пресс

Б.А.АЛЕНОВ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН ТӨРАГАСЫНЫН

ТЕСКЕМЕСИ

"Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 18-беренесинин 2-бөлүгүнүн 22-пунктуна ылайык "Эркин-Тоо" гезитинин башкы редактору **АЛЕНОВ Бахпурбек Абдыкарович** берген арызына ылайык ээлеген кызматынан бошотулсун.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы **А.ЖАПАРОВ**

Бишкек шаары, 2022-жылдын 7-октябры, №656

Н.К.АСАНБАЕВ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН ТӨРАГАСЫНЫН

ТЕСКЕМЕСИ

"Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 18-беренесинин 2-бөлүгүнүн 22-пунктуна ылайык **АСАНБАЕВ Наралы Камбаралиевич** мурда ээлеген кызматынан бошотулуп, "Эркин-Тоо" гезитинин башкы редактору болуп дайындалсын.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы **А.ЖАПАРОВ**

Бишкек шаары, 2022-жылдын 7-октябры, №657

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ОШ ОБЛУСУНУН ӨЗГӨН РАЙОНУНУН КАРООЛ ЖАНА КЫЗЫЛ-ОКТЯБРЬ АЙЫЛ АЙМАКТАРЫНДА ЖАЙГАШКАН ЖЕРЛЕРДИ "АЙЫЛ ЧАРБА БАГЫТЫНДАГЫ ЖЕРЛЕР" КАТЕГОРИЯСЫНАН "ӨНӨР ЖАЙЫНЫН, ТРАНСПОРТТУН, БАЙЛАНЫШТЫН, ЭНЕРГЕТИКАНЫН, КОРГОНУУНУН ЖЕРЛЕРИ ЖАНА БАШКА БАГЫТТАГЫ ЖЕРЛЕР" КАТЕГОРИЯСЫНА КОТОРУУ (ТРАНСФОРМАЦИЯЛОО) ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

Логистикалык борборду куруу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13,17-беренелерине, Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 20-статьясына, "Жер участокторун которуу (трансформациялоо) жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6-беренесине, "Сугат айдоо жерлерин жарактуу жерлердин башка категорияларына жана түрлөрүнө которууга (трансформациялоого) мораторий киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасынын Президентинин Кыргыз Республикасынын Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн 2022-жылдын 23-сентябрындагы №01-39/1325 корутундусун жана Ош облусунун Өзгөн районунун мамлекеттик администрациясынын 2022-жылдын 22-сентябрындагы №01-13/51 жана №01-18/2040 токтомдорун эске алып, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Кароол айыл аймагында №430 (1,60 га) жана №813 (1,0 га) контурларында жайгашкан 2,60 га сугат айдоо жерлери жана Кызыл-Октябрь айыл аймагында №391 (3,7 га), №392 (3,3 га) контурларында жайгашкан 7,0 га сугат айдоо жерлери логистикалык борбор куруу үчүн "Айыл чарба багытындагы жерлер" категориясынан "Өнөр жайынын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргонуунун жерлери жана башка багыттагы жерлер" категориясына которулсун (трансформациялансын).

2. Кыргыз Республикасынын Ош облусунун Өзгөн районунун мамлекеттик администрациясы төмөнкүлөрдү камсыз кылсын:

- жерди эсепке алуу документтерине өзгөртүүлөрдү киргизүүнү;
- ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жерлерди максаттуу багыты боюнча пайдалануну;
- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан белгиленген ченемдерге ылайык айыл чарба өндүрүшүнүн жоготууларынын ордун толтуруу наркынын суммасын төлөөнү.

3. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

4. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы **А.ЖАПАРОВ**

Бишкек шаары, 2022-жылдын 3-октябры, №543

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН ЖАЗЫК-АТКАРУУ ИШИ ЧӨЙРӨСҮНДӨГҮ АЙРЫМ ЧЕЧИМДЕРИНЕ ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин чечимдерин Кыргыз Республикасынын Жазык-аткаруу кодексине ылайык келтирүү максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 8-февралындагы №42 "Эркинен ажыратууга соттолгон, ошондой эле Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасынын тергеө изоляторлорунда кармалган адамдардын суткалык үлүшүнүн нормаларын, алмаштыруу нормаларын, суткалык үлүштүн нормаларын колдонуу жана алмаштыруу эрежелерин бекитүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген эркинен ажыратууга соттолгон, ошондой эле Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасынын тергеө изоляторлорунда кармалган адамдардын суткалык үлүшүнүн нормаларында:

- №1 норманын аталышындагы "абагында" деген сөз "мекемелеринде" деген сөз менен алмаштырылсын.

2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 27-мартындагы №154 "Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу тутумунун жатак-абактарында жаза өтөө тартиби жана шарттары жөнүндө нускаманы бекитүү тууралуу" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу тутумунун жатак-абактарында жаза өтөө тартиби жана шарттары жөнүндө нускамада:

- 3-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"3. Соттолгондорду жатак-абакка кабыл алуу үчүн негиз болуп түзөтүү абагынан (мындан ары - ТА) жатак-абакка которуу жөнүндө соттун чечими, ошондой эле алардын негизинде же башка документтердин (башка жатак-абактардан которуу) негизинде тарызделген ыйгарым укуктуу адамдын же аны алмаштыруучу адамдын колу коюлган наряддар эсептелет.";

- 10-пунктунун экинчи абзацындагы ", ошондой эле эреже катары, иштеген жана иштебеген соттолгондор өз-өзүнчө жайгаштырылат" деген сөздөр алып салынсын;
- 11-пунктунда:

экинчи абзацы "зарыл болгон" деген сөздөрдөн мурда "жазык-аткаруу иши чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган ченемдерге ылайык" деген сөздөр менен толукталсын;

үчүнчү абзацы күчүн жоготту деп таанылсын;

- 13-пунктундагы "Документтер (паспорт, эмгек китеби, аскердик билети, айдоочулук күбөлүгү жана башка өздүгүн күбөлөндүргөн документтери)" деген сөздөр "Жалпы жарандык паспорт жана идентификациялык карта (ID карта)" деген сөздөр менен алмаштырылсын;
- 14-пунктундагы "жатак-абактын начальникинин нөөмөт жардамчысынын (мындан ары - ЖННЖ)" деген сөздөр "мекеменин начальникинин нөөмөт жардамчысынын (мындан ары - МННЖ)" деген сөздөр менен алмаштырылсын;
- 16, 25, 28, 30, 31-пункттарындагы "ЖННЖ" деген аббревиатура "МННЖ" деген аббревиатура менен алмаштырылсын;
- 33-пунктундагы "Өкмөтү" деген сөз "Министрлер Кабинети" деген сөздөр менен алмаштырылсын;
- 34-пункту күчүн жоготту деп таанылсын.

3. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 22-августундагы №379 "Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу тутумунун түзөтүү мекемелеринин ички тартибинин эрежелерин бекитүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу тутумунун түзөтүү мекемелеринин ички тартибинин эрежелеринде:

- 39-пунктундагы "Өкмөтү" деген сөз "Министрлер Кабинети" деген сөздөр менен алмаштырылсын;
- 74-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"74. Узак жана кыска мөөнөттүү жолугушууга ушул Эрежелердин 2-тиркемесине ылайык тизмекте тыюу салынбаган тамак-аш азыктарын жана буюмдарды алып өтүүгө уруксат берилет.";

- 78-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"78. Соттолгондорго юридикалык, анын ичинде медиация маселелери боюнча жардам алуу үчүн алардын арыздары боюнча адвокаттар, медиаторлор же юридикалык жардам көрсөтүүгө укугу бар башка адамдар менен жолугушуу берилет. Соттолгондун каалоосу боюнча жеке жолугушуу берилиши мүмкүн. Кыргыз Республикасынын Жазык-аткаруу кодексинде белгиленген жолугушуулардын санына мындай жолугушуулар эсепке алынбайт, алардын саны жана узактыгы чектелбейт, бирок алар түзөтүү мекемесинин администрациясынын иш убагында өткөрүлөт.";

- 90-пункту "телеграммалар" деген сөздөн кийин "Кыргыз Республикасынын Жазык-аткаруу кодексинин 25-беренесинин 6-бөлүгүндө каралган учурларды кошпогондо," деген сөздөр менен толукталсын;
- 132-пунктундагы "Жашы жете электер" деген сөздөр "Балдар" деген сөз менен алмаштырылсын;
- 142-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"142. Соттолгондор режимди сактаганда жана аларда тартиптик жазалар жок болгондо күндүзгү убакта мекеменин администрациясынын чечими боюнча уктоочу жайлардан өзүнчө жайларда болушу мүмкүн.";

- 146-пунктундагы "жертөлө жана" деген сөздөр алып салынсын;
- 177-пунктунун экинчи абзацындагы "уюлдук телефондор," деген сөздөр алып салынсын;
- 182-пункту төмөнкүдөй мазмундагы экинчи абзац менен толукталсын:

"Соттолгондор жеке эмгек иши менен алектенүүгө укуктуу.";

- 196-пунктундагы "Өкмөтүнүн алдындагы Жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматы" деген сөздөр "Юстиция министрлигине караштуу Жазаларды аткаруу кызматы" деген сөздөр менен алмаштырылсын;
- 206-пунктундагы "Өкмөтү" деген сөз "Министрлер Кабинети" деген сөздөр менен алмаштырылсын;
- жогоруда аталган Эрежелердин 2-тиркемесинде:

төмөнкүдөй мазмундагы 16^1-пункт менен толукталсын:

"16^1 Химикаттар.";

17-пунктундагы "химикаттар," деген сөз алып салынсын;

эскертүүнүн 1-пункту "13" деген цифрадан кийин ", 17" деген цифра менен толукталсын.

4. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы **А.ЖАПАРОВ**

Бишкек шаары, 2022-жылдын 7-октябры, №545

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ТЕЛЕРАДИОБЕРҮҮ КОРПОРАЦИЯСЫНЫН, АНЫН ВЕДОМСТВОЛУК БӨЛҮМДӨРҮНҮН ЖАНА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН «ЭЛТР» МАМЛЕКЕТТИК ТЕЛЕРАДИОБЕРҮҮ КОМПАНИЯСЫНЫН КЫЗМАТКЕРЛЕРИНЕ ЭМГЕК АКЫ ТӨЛӨӨ ШАРТТАРЫ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

"Кыргыз Республикасынын Улуттук телерадиоберүү корпорациясы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 3-августундагы №270 "Кыргыз Республикасынын Улуттук телерадиоберүү корпорациясын реформалоо боюнча айрым чаралар жөнүндө" Жарлыгын ишке ашыруу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Төмөнкүлөр бекитилсин:

1) Кыргыз Республикасынын Улуттук телерадиоберүү корпорациясынын, анын ведомстволук бөлүмдөрүнүн жана Кыргыз Республикасынын "ЭлТР" мамлекеттик телерадиоберүү компаниясынын кызматкерлерине эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө жобо 1-тиркемеге ылайык;

2) Кыргыз Республикасынын Улуттук телерадиоберүү корпорациясынын, анын ведомстволук бөлүмдөрүнүн жана Кыргыз Республикасынын "ЭлТР" мамлекеттик телерадиоберүү компаниясынын административдик-башкаруу, чыгармачыл-өндүрүштүк, өндүрүштүк-техникалык жана кенже тейлөөчү персоналынын типтүү штаттары 2-тиркемеге ылайык;

3) Кыргыз Республикасынын Улуттук телерадиоберүү корпорациясынын, анын ведомстволук бөлүмдөрүнүн жана Кыргыз Республикасынын "ЭлТР" мамлекеттик телерадиоберүү компаниясынын кызматкерлеринин кызматтык маяналарына эселөө коэффициенттери 3-тиркемеге ылайык;

4) телерадиоберүү системасынын кызматкерлери үчүн квалификациялык талаптар 4-тиркемеге ылайык;

5) Кыргыз Республикасынын Улуттук телерадиоберүү корпорациясынын, анын ведомстволук бөлүмдөрүнүн жана Кыргыз Республикасынын "ЭлТР" мамлекеттик телерадиоберүү компаниясынын кызматкерлеринин кызматтык маяналарына иштеген жылдары үчүн үстөктөрдүн өлчөмдөрү 5-тиркемеге ылайык;

6) Кыргыз Республикасынын Улуттук телерадиоберүү корпорациясында, анын ведомстволук бөлүмдөрүндө жана Кыргыз Республикасынын "ЭлТР" мамлекеттик телерадиоберүү компаниясында иштеген техникалык жана кенже тейлөөчү персоналга иштеген жылдары үчүн ар айлык үстөктүн өлчөмү 6-тиркемеге ылайык.

2. Төмөнкүлөр белгиленсин:

1) Кыргыз Республикасынын Улуттук телерадиоберүү корпорациясынын, анын ведомстволук бөлүмдөрүнүн жана Кыргыз Республикасынын "ЭлТР" мамлекеттик телерадиоберүү компаниясынын кызматкерлеринин кызматтык маяналарын эсептөө үчүн негиз болуп саналган минималдуу базалык ставка 7 040 сом өлчөмүндө;

2) чыгармачылык жана кесиптик демилгени көрсөткөндүгү, жогорку квалификациясы үчүн кызматтык маянасына 50 пайызга чейинки өлчөмдө үстөк. Көрсөтүлгөн үстөктү киргизүү менен байланышкан чыгымдар телерадиоберүү уюмдарынын кызматкерлеринин бекитилген эмгек акы төлөө фондунун чегинде төлөнөт;

3) техникалык жана кенже тейлөөчү персоналдын ичинен төмөнкү кызматкерлердин кызматтык маяналарына төмөнкүдөй өлчөмдөрдө пайыздык үстөктөр:

- автомашиналардын айдоочуларына ченемге салынбаган жумуш күнү үчүн - кызматтык маянанын 25 пайызы;
- кароолчуларга түнкү убакта иштегендиги үчүн - сааттык тарифтик ставканын 50 пайызы;
- кызматтык жайларды, коомдук дааратканаларды тазалоочуларга синтетикалык жуугуч жана дезинфекциялоочу каражаттарды колдонуу менен иштегендиги үчүн - кызматтык маянанын 25 пайызы.

3. Кыргыз Республикасынын Улуттук телерадиоберүү корпорациясынын администрациялык-башкаруучу персоналына төмөнкүлөр төлөнөт деп белгиленсин:

1) эмгек өргүүгө чыкканда эки айлык эмгек акы фондунун өлчөмүндө ден соолукту чыңдоого жөлөкпул;

2) календардык жылдын аягында орточо айлык эмгек акы фондунун өлчөмүндө он үчүнчү эмгек акы.

4. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 24-майындагы №239 "Мамлекеттик мекемелерде жана уюмдарда "улуттук" статусу же "академиялык" ардактуу наамы болгону үчүн алардын кызматкерлеринин кызматтык маянасына үстөк акылар жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген "Улуттук" статусу же "академиялык" ардактуу наамы бар мамлекеттик мекемелердин жана уюмдардын тизмесинде:

- төмөнкүдөй мазмундагы 34-пункт менен толукталсын:

"34. Кыргыз Республикасынын Улуттук телерадиоберүү корпорациясы.".

5. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 18-августундагы №495 "Маданият, искусство жана маалымат мекемелеринин типтүү чектелген штаттарын бекитүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 1-пунктунун сегизинчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"Ынтымак" коомдук региондук телерадиокомпаниясынын жана гезиттердин облустук редакцияларынын, 6-тиркемеге ылайык;";

2) жогоруда аталган токтомдун 6-тиркемеси ушул токтомдун 7-тиркемесине ылайык редакцияда баяндалсын.

6. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 29-майындагы №278 "Маданият, искусство, маалымат жана кинематография мекемелеринин кызматкерлери үчүн квалификациялык талаптарды бекитүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 1-пунктунун 6-пунктчасы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"6) Ынтымак" коомдук региондук телерадиокомпаниясынын жана гезиттердин облустук редакцияларынын, 6-тиркемеге ылайык;";

2) жогоруда аталган токтомдун 6-тиркемеси ушул токтомдун 8-тиркемесине ылайык редакцияда баяндалсын.

7. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы №251 "Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигинин маселелери жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигинин башкаруу схемасы ушул токтомдун 9-тиркемесине ылайык редакцияда баяндалсын.

8. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы №185 "Маданият, искусство, маалымат жана спорт мекемелеринин кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Маданият, искусство, маалымат жана спорт мекемелеринин кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө жободо:

- 16-пунктундагы "медиаборборлордун" деген сөз "гезиттердин редакцияларынын" деген сөздөр менен алмаштырылсын;
- жогоруда аталган токтомдун 7-тиркемеси ушул токтомдун 10-тиркемесине ылайык редакцияда баяндалсын.

9. Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

1) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 31-майындагы №266 "Кыргыз Республикасынын Коомдук телерадиоберүү корпорациясынын, анын ведомстволук бөлүмдөрүнүн жана Кыргыз Республикасынын "ЭлТР" мамлекеттик телерадиоберүү компаниясынын кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн жаңы системасын киргизүү жөнүндө" токтому;

2) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 13-мартындагы №149 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү жана толуктоо киргизүү жөнүндө" токтому;

3) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы №180 "Мамлекеттик кызматчылардын категориясына кирбеген жана маданият, маалымат чөйрөсүндөгү мамлекеттик ведомстволук мекемелерде иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө" токтомунун 5-пункту.

10. Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги ушул токтомдон келип чыгуучу зарыл чараларды көрсүн.

11. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги ушул токтомдон келип чыгуучу, анын ичинде белгиленген тартипте "Кыргыз Республикасынын 2022-жылга республикалык бюджети жана 2023-2024-жылдарга болжолу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча тиешелүү чараларды көрсүн.

12. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

13. Бул токтом расмий жарыялануууга тийиш жана 2022-жылдын 1-ноябрынан тартып күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ

Бишкек шаары, 2022-жылдын 27-сентябры, №523

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНЕ КАРАШТУУ ЖЕКЕ МААЛЫМАТТАРДЫ КОРГОО БОЮНЧА МАМЛЕКЕТТИК АГЕНТТИКТИН ОКУУ БОРБОРУ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

Мамлекеттик жарандык кызматчылардын, муниципалдык кызматчылардын, жеке маалыматтардын массивдерин кармоочулардын (ээлеринин) кызматкерлеринин жана калктын жеке мүнөздөгү маалыматтар, санариптик гигиена, киберкоопсуздуктун негиздери жаатындагы билимдерин жогорулатуу, ошондой эле санариптик көндүмдөрүнүн деңгээлин көтөрүү максатында, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жеке маалыматтарды коргоо боюнча мамлекеттик агенттиктин Окуу борбору (мындан ары - Окуу борбору) түзүлсүн.

2. Окуу борбору жөнүндө жобо 1-тиркемеге ылайык бекитилсин.

3. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 22-декабрындагы №325 «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жеке маалыматтарды коргоо боюнча мамлекеттик агенттик жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жеке маалыматтарды коргоо боюнча мамлекеттик агенттиктин башкаруу схемасы ушул токтомдун 2-тиркемесине ылайык редакцияда баяндалсын.

4. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жеке маалыматтарды коргоо боюнча мамлекеттик агенттик ушул токтомдон келип чыгуучу зарыл болгон чараларды көрсүн.

5. Окуу борбору методикаларды жана билим берүү программаларын иштеп чыгууга, кызматкерлердин штатын түзүүгө, лицензия алууга жана ушул токтомдон келип чыгуучу башка чараларды көрүүгө киришсин.

6. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги лицензиялоо жол-жобосун жүргүзүүдө Окуу борборуна көмөк көрсөтсүн.

7. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

8. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ

Бишкек шаары, 2022-жылдын 27-сентябры, №540

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ОШ ОБЛУСУНУН ӨЗГӨН РАЙОНУНУН БАШ-ДӨБӨ, КЫЗЫЛ-ОКТЯБРЬ, ТӨРТ-КӨЛ, КАРООЛ, КУРШАБ АЙЫЛ АЙМАКТАРЫНДА ЖАЙГАШКАН ЖЕРЛЕРДИ "АЙЫЛ ЧАРБА БАГЫТЫНДАГЫ ЖЕРЛЕР" КАТЕГОРИЯСЫНАН "КАЛКТУУ КОНУШТАРДЫН ЖЕРЛЕРИ" КАТЕГОРИЯСЫНА КОТОРУУ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Ош облусунун Өзгөн районунун Баш-Дөбө, Кызыл-Октябрь, Төрт-Көл, Кароол, Куршаб айыл аймактарынын жашоочуларын жеке турак үйлөрдү курууга жер участоктору менен камсыз кылуу максатында, Кыргыз Республикасынын Президентинин Кыргыз Республикасынын Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн 2022-жылдын 17-августундагы №01-39/1132, 2022-жылдын 19-августундагы №01-39/1150, 2022-жылдын 23-сентябрындагы №01-39/1326, 2022-жылдын 23-сентябрындагы №01-39/1324, 2022-жылдын 23-сентябрындагы №01-39/1321, 2022-жылдын 23-сентябрындагы №01-39/1322, 2022-жылдын 24-сентябрындагы №01-39/1330, 2022-жылдын 24-сентябрындагы №01-39/1329 корутундуларын жана Ош облусунун Өзгөн районунун мамлекеттик администрациясынын 2022-жылдын 21-апрелиндеги №18, 2022-жылдын 12-августундагы №01-13/37, 2022-жылдын 15-августундагы №01-14/294, 2022-жылдын 22-сентябрындагы №01-13/53, 2022-жылдын 22-сентябрындагы №01-13/50, 2022-жылдын 22-сентябрындагы №01-13/45, 2022-жылдын 22-сентябрындагы №01-13/48, 2022-жылдын 22-сентябрындагы №01-13/52, 2022-жылдын 22-сентябрындагы №01-13147, 2022-жылдын 24-сентябрындагы №01-13/54 токтомдорун эске алып, ошондой эле "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине, Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 20-статьясына, "Жер участокторун которуу (трансформациялоо) жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6-беренесине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Ош облусунун Өзгөн районунун Баш-Дөбө, Кызыл-Октябрь, Төрт-Көл, Кароол, Куршаб айыл аймактарында жайгашкан, жалпы аянты 312,17 га жер "Айыл чарба багытындагы жерлер" категориясынан "Калктуу конуштардын жерлери" категориясына которулсун (трансформациялансын), анын ичинен:

- Баш-Дөбө айыл аймагында, Айгыр-Жол участогунда жайгашкан Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун 103,30 га аянттагы жерлери, №928 (1,5 га), №938 (8,24 га), №928 (3,50 га) контурлардагы кайрак айдоо жерлери, №210 (0,42 га), №238 (0,41 га), №240 (0,24 га), №241 (3,88 га) контурлардагы жайыттын жерлери, №237 (1,72 га) контурдагы токойлуу жерлери, №696 (1,06 га) контурдагы башка жерлер, Бостон (Көк-Таш) участогундагы Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун №242 (1,27 га) контурдагы көп жылдык бак-дарактардын (тыт) жерлери, №26 (27,0 га), №16 (6,45 га), №18 (10,37 га), №17 (17,14 га), №77 (9,16 га), №20 (10,94 га) контурлардагы кайрак айдоо жерлери;
- Кызыл-Октябрь айыл аймагында жайгашкан 86 га аянттагы жерлер, көп жылдык бак-дарактар - 48 га, жайыттар - 19,3 га, кайрак айдоо жерлери - 18,7 га, атап айтканда №106 (34,0 га), №160 (9,0 га), №166 (5,0 га) контурларда, №853 (5,0 га), №1044 (1,30 га), №1036 (2,0 га), №883 (1,5 га), №920 (3,0 га), №920 (4,0 га), №929 (2,5 га) контурлардагы жайыттардын жерлери, №68 (10,0 га), №1188 (1,43 га), №1282 (2,0 га), №1355 (1,70 га), №1187 (2,24 га), №1189 (1,33 га) контурларда жайгашкан кайрак айдоо жерлери;
- Төрт-Көл айыл аймагында жайгашкан 26,3 га аянттагы жерлер, №853 (10,0 га), №1430 (1,80 га), №1191 (0,50 га), №1192 (0,10 га), №1193 (0,40 га) контурлардагы жайыттардын жерлери, №402 (10,0 га) контурдагы муниципалдык менчиктеги көп жылдык бак-дарактардын жерлери жана Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун №1198 (3,50 га) контурдагы кайрак айдоо жерлери;
- Кароол айыл аймагында жайгашкан 60,10 га аянттагы жерлер, №919 (16,80 га), №995 (4,60 га), №1001 (1,2 га), №1002 (4,38 га) контурлардагы кайрак айдоо жерлери, №992 (0,75 га), №927 (1,60 га), №928 (1,0 га), №931 (2,40 га), №936 (7,20 га), №1015 (0,70 га), №1023 (2,25 га), №1023 (2,55 га), №1008 (3,75 га), №1008 (4,76 га), №996 (0,64 га), №1008 (3,22 га) контурлардагы жайыттардын жерлери, №993 (2,0 га) чөп чабык, №929 (0,30 га) жолдор;
- Куршаб айыл аймагында жайгашкан 36,47 га аянттагы жерлер, №119 (5,0 га), №171 (1,6 га), №1771 (4,53 га), №1772 (4,12 га) контурлардагы көп жылдык бак-дарактардын жерлери, №246 (2,5 га), №262 (0,50 га), №2082 (1,15 га), №1759 (2,04 га), №1770 (0,55 га) контурлардагы жайыттардын жерлери, №263 (1,50 га), №576 (11,20 га) контурлардагы кайрак айдоо жерлери, №2072 (1,20 га), №2079 (0,58 га) контурлардагы башка жерлер.

2. Кыргыз Республикасынын Ош облусунун Өзгөн районунун мамлекеттик администрациясы төмөнкүлөрдү камсыз кылсын:

- жерди эсепке алуу документтерине тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүүнү;
- ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жерлерди максаттуу багыты боюнча пайдалануну;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жерлердин шаар куруу документтерин иштеп чыгууну жана бекитүүнү.

3. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

4. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ

Бишкек шаары, 2022-жылдын 3-октябры, №542

АНКАРАДАГЫ АЙТМАТОВДУН СЕЙИЛ БАГЫ

Түркиянын Анкара шаарында Чыңгыз Айтматов атындагы сейил бак ачылды. Эс алуу багына залкардын бюсту орнотулуп, “Адамга эң кыйыны–күн сайын адам болуу” деп жазылган.

Сейил бактын салтанаттуу ачылышына катышып, сөз сүйлөгөн Анкара шаарынын мэри Алпер Ташделен Улуу жазуучу Чыңгыз Айтматовдун чыгармалары жана алардын негизинде тартылган тасмалары менен чоңоюп өскөн көпчүлүк түркиялыктарга бул эс алуу багынын ачылышы маанилүү экендигин белгиледи.

КАЙРАДАН 6 ЖЫЛГА ПРЕЗИДЕНТ БОЛУП ШАЙЛАНДЫ

Австриянын учурдагы президенти Александр Вандер Беллен президенттик шайлоодо жеңишке жетти. Расмий жыйынтык боюнча ал шайлоочулардын 54,6 пайыз добушун алды. Ал эми анын атаандашы Вальтер Розенкранц 19,1 пайыз добушка ээ болгон. Мындай жыйынтык менен шайлоонун экинчи туру өтпөйт. Президенттик шайлоодо жеңишке жетүү үчүн талапкер 1-турда 50 пайыздан ашык добушка ээ болушу керек. Натыйжада Вандер Беллен кайрадан 6 жылдык мөөнөткө өлкөнүн президенти болуп калды.

ДҮЙНӨДӨГҮ ЭҢ МЫКТЫ АЭРОПОРТ

Conde Nast Traveller эл аралык журналы тарабынан уюштурулган сурамжылоонун жыйынтыгы менен Стамбул аэропорту “Дүйнөнүн эң мыкты аэропорту” болуп тандалды. Аэропорт 2022-жылдын август айында күнүмдүк орточо 1328 каттам менен Европанын эң кыймылдуу аэропорту болду деп табылган эле. Мындай каттамдары менен ал Франциядагы Париж Шарль де Голль менен Нидерландиядагы Амстердам Схипхол аэропортторунан алдыга озуп чыккан.

ИШЕНИМДҮҮ АЯНТЧА ТҮЗГҮСҮ КЕЛГЕН МИЛЛИАРДЕР

Америкалык миллиардер, Tesla жана SpaceX компанияларынын негиздөөчүсү Илон Маск Твиттер социалдык тармагын сатып алгысы келгендигин жарыялады. Ал мындай аракетин өзүнүн пайдасы үчүн эмес, эл ишене турган аянтча кылгысы келерин да жашырган жок.

Буга чейин Илон Маск Твиттер социалдык тармагын 44 миллиард долларга сатып алгандыгы тууралуу айтылган. Көп өтпөй ал бул келишимди убактылуу токтоткондугун билдирген. Ал эми Твиттер компаниясы 44 миллиард долларга бааланган келишимди бузгандыгы үчүн миллиардерди сотко берген.

ЭЛЕКТР ЭНЕРГИЯСЫ КЫМБАТТАДЫ

Польшанын борбору Варшавада “Мындан кийин бир гана караңгылык” деген ураандын астында нааразылык акциясы өттү. Өлкөдөгү электр энергиясынын кымбатташынан улам келип чыккан мындай нааразылык акциясынын катышуучулары жана уюштуруучулары Польшанын шаарлар, региондор жана метрополий союздарынын мүчөлөрү.

ӨЛҮМ ЖАЗАСЫНА КАРШЫ КҮРӨШ

Кечээ Бүткүл дүйнөлүк өлүм жазасына каршы күрөшүү күнү өттү. Бул күн 2003-жылы Бүткүл дүйнөлүк өлүм жазасына тыюу салуу коалициясынын демилгеси менен негизделген. Аталган коалиция 2002-жылы Римде түзүлгөн. Учурда ага 150 улуттук жана эл аралык укук коргоо уюмдары кирет. Анын максаты дүйнөдөгү өлүм жазасы мыйзамдуу деп эсептелген өлкөлөрдөгү бул жазалоонун түрүн жокко чыгаруу.

Бүгүнкү күндө дүйнөнүн 39 өлкөсүндө өлүм жазасы бар. Алардын катарына Африка, Жакынкы Чыгыш жана Азия, АКШ өлкөлөрү кирет. Өлүм жазасына тартылгандардын 90 пайызы Иран, Пакистан жана Сауд Арабиясындагылар. Кытайда дагы өлүм жазасы көпчүлүк учурда ишке ашырылат. Бирок бул тууралуу маалымат мамлекеттик сыр болгондуктан алардын так саны белгисиз бойдон калат.

“Эркин-тоо пресс”

«АЙЫЛ БАНК» ААКнын

ФИНАНСЫЛЫК-ЧАРБАЛЫК ИШМЕРДИГИНЕ ТААСИР ТИЙГИЗГЕН ОЛУТТУУ ФАКТЫ ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТ

“Айыл Банк” ААКнын акционерлеринин өткөрүлгөн кезексиз жалпы чогулушунун жыйынтыктары.

- Чогулуш өткөрүлгөн күнү – **2022-жылдын 7-октябры.**
- Өткөрүлгөн жери - **Бишкек шаары, Логвиненко көчөсү, 14.**
- Чогулушту өткөрүүнүн формасы: **ачык**
- Чогулуштун кворуму: **89,4334%**

ЧОГУЛУШТА ТӨМӨНДӨГҮДӨЙ ЧЕЧИМ КАБЫЛ АЛЫНДЫ:

1. Эсептөө комиссиясынын милдетин аткаруу “Registrum” (“Региструм”) көз карандысыз ЖЧКсынын реестр кармоочусунун өкүлү Молтоева Зарина Эркебаевнага жүктөлсүн.
2. 2022-жылга карата “Айыл Банк” ААКнын тышкы аудитору болуп “GrantThornton” ЖЧКсы шайлансын. Салыктары жана жыйындары менен кошо эсептегенде тышкы аудиторго төлөнүүчү сыйакылардын өлчөмү 2 700 000 (эки миллион жети жүз миң) сом суммада аныкталсын.
3. “Айыл Банк” ААКнын жөнөкөй акцияларынын жаңы (он тогузунчу) чыгарылышын каттоо жана жайгаштыруу жолу менен “Айыл Банк” ААКнын жүгүртүүдөгү жөнөкөй акцияларынын санын көбөйтүү.
   “Айыл Банк” ААКнын он тогузунчу эмиссияларынын жөнөкөй акцияларынын түзүмү жана жайгаштыруунун тартиби:
   - *Баалуу кагаздардын түрү жана формасы - документтик эмес формадагы, эсептер боюнча жазуу түрүндөгү жөнөкөй номиналдык акция;*
   - *Эмиссиянын акцияларынын саны - ар бири 10 000 (он миң) сомдон жайгаштыруу (номиналдуу) баасы боюнча 100 000 (жүз миң) нуска, жалпы суммасы 1 000 000 000 (бир миллиард) сомду түзөт;*
   - *Акцияларды төлөөнүн шарттары жана тартиби – Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине жеке сунуштоо жолу менен (жеке эмиссияны) жабык жайгаштыруу;*
   - *Акцияларды төлөөнүн формасы жана тартиби – улуттук валютада накталай, накталай эмес формада;*
   - *Акцияларды жайгаштыруу мөөнөтү –Кыргыз Республикасынын баалуу кагаздар рыногун жөнгө салуу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органында “Айыл Банк” ААКнын акцияларынын эмиссиясы катталган күндөн тартып үч ай ичинде. Мында “Айыл Банк” ААКнын чыгарылган жөнөкөй акцияларынын ар бири жалпы саны 10 000 (он миң) сом (номиналдык наркы) сунуштоо баасы боюнча 762 462 (жети жүз алтымыш эки миң төрт жүз алтымыш эки) нусканы түзөт. Ошентип банктын уставдык капиталы 7 624 620 000 (жети миллиард алты жүз жыйырма төрт миллион алты жүз жыйырма төрт миллион жыйырма миң) сомду түзөт.*
4. “Айыл Банк” ААКнын 2022-жылга карата такталган бюджети бекитилсин.
5. “Айыл Банк” ААКнын Уставы жаңы редакцияда бекитилсин.
   “Айыл Банк” ААКнын 2022-жылдын 1-июлундагы (№4 протоколу) акционерлердин кезексиз жалпы чогулушунун чечими менен бекитилген “Айыл Банк” ААКнын Уставы, “Айыл Банк” ААКсы Кыргыз Республикасынын юситиция жана башка органдарынан кайра каттоодон өткөн учурдан тартып күчүн жоготту деп табылсын. “Айыл Банк” ААКнын Кыргыз Республикасынын юситиция органдарында жана башка мамлекеттик органдардан кайрадан каттоодон өткөрүлсүн.

Ушул чечимде көрсөтүлгөн маалыматтардын, ошондой эле мамлекеттик кайра каттоо үчүн берилген документтерде камтылган маалыматтардын анык экендигин жана мыйзамда белгиленген учурларда “Айыл Банк” ААКсын кайра каттоо меселелери карала тургандыгын тастыктайбыз. Акционердик коом тиешелүү мамлекеттик органдар жана (же) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен макулдашылды.

ИНФОРМАЦИЯ О СУЩЕСТВЕННОМ ФАКТЕ, ЗАТРАГИВАЮЩЕМ ФИНАНСОВО-ХОЗЯЙСТВЕННУЮ ДЕЯТЕЛЬНОСТЬ

ОАО «АЙЫЛ БАНК»

Итоги проведения Внеочередного Общего собрания акционеров ОАО «Айыл Банк»

Дата проведения собрания: **7 октября 2022 года**
Место проведения: **г. Бишкек, ул. Логвиненко, 14**
Форма проведения собрания: **очная форма**
Кворум собрания: **89,4334%**

СОБРАНИЕМ ПРИНЯТЫ СЛЕДУЮЩИЕ РЕШЕНИЯ:

1. Возложить функции счётной комиссии на представителя независимого реестродержателя ОсОО «Registrum» («Региструм») Молтоеву Зарину Эркебаевну.
2. Избрать внешним аудитором ОАО «Айыл Банк» на 2022 год ОсОО «GrantThornton». Определить размер выплачиваемого вознаграждения внешнему аудитору в сумме 2 700 000 (два миллиона семьсот тысяч) сом с учётом налогов и сборов.
3. Увеличить количество обращаемых простых акций ОАО «Айыл Банк» путём регистрации и размещения нового выпуска (девятнадцатой эмиссии) простых акций ОАО «Айыл Банк».
   Структура и порядок размещения девятнадцатой эмиссии простых акций ОАО «Айыл Банк»:
   - *вид и форма ценных бумаг – простая именная акция в бездокументарной форме, в виде записей на счетах;*
   - *количество акций выпуска – 100 000 (сто тысяч) экземпляров по цене размещения (номинальной стоимости) 10 000 (десять тысяч) сом каждая, итого – 1 000 000 000 (один миллиард) сом;*
   - *условия и порядок размещения акций – закрытое размещение (частная эмиссия) путём персонального предложения Министерству Финансов Кыргызской Республики;*
   - *форма и порядок оплаты акций – денежными средствами в национальной валюте, в безналичной форме;*
   - *срок размещения акций – в течение трёх месяцев с даты регистрации выпуска акций ОАО «Айыл Банк» в уполномоченном государственном органе Кыргызской Республики по регулированию рынка ценных бумаг.*
   При этом общее количество выпущенных простых акций ОАО «Айыл Банк» составит 762 462 (семьсот шестьдесят две тысячи четыреста шестьдесят два) экземпляра по цене размещения (номинальной стоимости) 10 000 (десять тысяч) сом каждая. Таким образом, уставный капитал банка составит 7 624 620 000 (семь миллиардов шестьсот двадцать четыре миллиона шестьсот двадцать тысяч) сом.
4. Утвердить скорректированный Бюджет ОАО «Айыл Банк» на 2022 год.
5. Утвердить Устав ОАО «Айыл Банк» в новой редакции.
   Признать утратившим силу Устав ОАО «Айыл Банк», утверждённый решением внеочередного общего собрания акционеров ОАО «Айыл Банк» от 1 июня 2022 года (протокол №4), с момента прохождения перерегистрации ОАО «Айыл Банк» в органах Юстиции и других государственных органах Кыргызской Республики.
   Произвести перерегистрацию ОАО «Айыл Банк» в органах юстиции и других государственных органах Кыргызской Республики.

Настоящим подтверждаем, что указанные сведения в настоящем решении, а также сведения, содержащиеся в представленных для государственной перерегистрации документов, достоверны и в установленных законом случаях вопросы перерегистрации открытого акционерного общества “Айыл Банк” согласованы с соответствующими государственными органами и (или) органами местного самоуправления.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
Эркин-Тоо

Запрос на выражение заинтересованности (Консультационные услуги – Отбор компаний)

Отбор консультационной компании на оказание консультационной услуги для подготовки менеджмент планов по развитию туризма для государственных парков «Кара-Шоро», «Кыргыз-Ата» и водопада «Абшир-Ата».

Подробное техническое задание можно будет получить после регистрации на официальном сайте АРИС: **www.aris.kg**

Выражение заинтересованности должно быть доставлено в письменной форме по указанному ниже адресу (лично, по почте, по факсу или по электронной почте) до **18.00 часов (местное время) 31 октября 2022 года.**

Минимальные требования, предъявляемые к компаниям, можете узнать на официальном сайте АРИС.

Агентство Развития и Инвестирования Сообществ Кыргызской Республики (АРИС)
Кабинет 11, Отдел закупок
720040, ул. Боконбаева, 102
г. Бишкек, Кыргызская Республика
Tel: +996 (312) 62-07-52, +996 (312) 30-18-05 (доб. 118)
Tel: +996 (312) 62-07-52
Fax: +996 (312) 62-47-48
Web site: www.aris.kg

С/О-44

Объявление о возбуждении процедуры специального администрирования во внесудебном порядке

О банкротстве (несостоятельности) ОсОО «Азия Лекс Групп».
Юридический адрес: г.Бишкек ул. Киевская, 77.

Кредитором ОсОО «Азия Лекс Групп» созывается собрание кредиторов для принятия решения о возбуждении процедуры специального администрирования ОсОО «Азия Лекс Групп» во внесудебном порядке.

Собрание кредиторов будет проведено **21 октября 2022 года в 11.00 часов** по адресу: **г.Бишкек, ул. Рыскулова, дом 95 а.**

Кредиторам подать претензии и зарегистрироваться за 7 календарных дней до проведения собрания кредиторов по адресу: г.Бишкек, ул. Рыскулова, дом 95 а. К претензии обязательно должны быть приложены документы, подтверждающие наличие, размер и обоснованность требований кредитора.

Н-857

Приглашение для участия в конкурсе по отбору организации для поставки компьютерного оборудования и системы видеонаблюдения для Специальной общеобразовательной школы-интернат для слепых и слабовидящих г. Бишкек Кыргызская Республика

Общественный фонд «Фонд социального партнерства по развитию регионов» (далее - Фонд)

проводит конкурс по отбору организации для поставки медицинского компьютерного оборудования и системы видеонаблюдения для Специальной общеобразовательной школы-интернат для слепых и слабовидящих г. Бишкек Кыргызская Республика.

- **лот №1: Компьютерное оборудование;**
- **лот №2: Система видеонаблюдения с установкой.**

Конкурсная документация на русском языке может быть приобретена заинтересованными участниками конкурса после оплаты в кассу Фонда или оплаты на расчётный счет Фонда (номер счета будет направлен на электронную почту по запросу).

Конкурсная документация будет выдана по нижеуказанному адресу.

Стоимость конкурсной документации **1000 сом.**

Конкурсные предложения должны быть доставлены по указанному ниже адресу не позднее **15.00 ч. 25 октября 2022 года.**

Стоимость, указанная в конкурсных предложениях, должна включать в себя уплату всех расходов (уплата налоговых платежей, таможенных пошлин, установка и др.).

Электронные заявки не допускаются. Заявки с опозданием будут отклонены.

Заинтересованные участники конкурсного отбора могут получить дополнительную информацию в Фонде по адресу, указанному ниже, с **10.00 до 19.00.**

Адрес: Общественный фонд «Фонд социального партнерства по развитию регионов»

г. Бишкек, ул. Токтогула, 125/1, Башня Б, кабинет 1103
Телефон: +996 507 837 130
Адрес электронной почты: fond.sprr@gmail.com

Н-861

Общество с ограниченной ответственностью
«Первая Металлобаза»

осуществило выплату процентного дохода за третий процентный период по шестой эмиссии облигаций:

Общее кол-во владельцев облигаций, имеющих право на получение дохода, чел.	169
Общая сумма начисленных доходов, сом	4 000 000,00
Общее кол-во владельцев облигаций, получивших доходы, чел.	128
Общая сумма выплаченных доходов по облигациям, сом	3 845 280,00
Кол-во владельцев облигаций, по которым не выплачены доходы, чел.	41
Кол-во облигаций, по которым не выплачены доходы, экз.	3868
Причина невыплаты	Неявка облигационера

Н-859

Судебный исполнитель Подразделения службы судебных исполнителей Ленинского района г. Бишкек У.Нуралиев

ОБЪЯВЛЯЕТ ТОРГИ НА ЗАЛОЖЕННОЕ ИМУЩЕСТВО:

жилой дом полезной площадью - 382,0 кв.м., жилой площадью - 137,6 кв.м., расположенный на земельном участке мерою - 700,0 кв.м., находящийся по адресу: г.Бишкек, ул.Ахунбаева, улица - 25, д.2/2 (по договору купли-продажи), ул.Бабашалина, д.2/2 (по техническому паспорту), идентификационный код: 1-01-05-0027-0401, принадлежащее Толонбаевой Нарынгуль Жалаловне на основании Государственного акта о праве частной собственности на земельный участок №0024388 от 25.01.2011 года, договора купли-продажи №2011/7340 от 21.01.2011 года.

Торги состоятся **16 ноября 2022 года в 10.00 часов** по месту нахождения заложенного имущества.

Начальная (стартовая) цена заложенного имущества 11 655 760 (одиннадцать миллионов шестьсот пятьдесят пять тысяч семьсот шестьдесят) сом.

Лица, желающие принять участие в аукционе, обязаны:

1) дать заявку на участие и подписку о том, что не имеется препятствий к их участию в аукционе;
2) внести **5%** от начальной стоимости имущества - **582 788 (пятьсот восемьдесят две тысячи семьсот восемьдесят восемь) сом** гарантийного взноса на депозитный счет ПССИ Ленинского района г.Бишкек **№4402052100000877**, БИК **440001**, получатель: Центральное казначейство, код платежа - **14511900**.

Прием заявок на участие в аукционе судебному исполнителю заканчивается за один день до начала аукциона.

Участник, выигравший торги обязан не позднее семи дней после подписания протокола оплатить полностью покупную стоимость имущества, с зачетом суммы задатка, внесенной им перед началом аукциона.

При уклонении от подписания протокола или неоплаты покупателем всей причитающейся с него суммы в установленный срок сумма задатка ему не возвращается и поступает на специальный счет по развитию исполнительного производства. Задаток поступает на специальный счет по развитию исполнительного производства и в том случае, если будет установлено, что победитель аукциона не имел права участвовать в аукционе.

За дополнительной информацией обращаться в Подразделение службы судебных исполнителей Ленинского района г.Бишкек по адресу: г.Бишкек, ул.Абдрахманова, 132, каб. №16, тел.: (0550) 25-52-05.

Н-860

ОАО «МФК «ИНВЕСКОР СА»

СООБЩАЕТ О СУЩЕСТВЕННОМ ФАКТЕ,

6 октября 2022 года в 10.00 часов состоялось Внеочередное общее собрание акционеров по адресу: г. Бишкек, ул. Коенкозова, д. 75, офис 3., форма проведения-очная, кворум собрания - 100%.

1. Принято решение: Функции счетной комиссии возложить на Тентишеву Г.М. представителю ОсОО «Реестродержатель Медина».
2. Принято решение: Досрочно прекратить полномочия членов Совета директоров: Атакулова Абая Болотбековича и Анхболд Баянмунх.
3. Принято решение: Избрать в Совет директоров Общества: Оморкулова Сатвалды Сапаралиевича и Уянгу Цэрэндорж.
4. Принято решение: Утвердить размер вознаграждения членов Совета директоров.

С/О-445

ЖОГОЛДУ
УТЕРЯ

В связи с утерей свидетельства о государственной регистрации ИП Исабаев Мырзахмет Пулатович код ОКПО 27809557, ИНН 20110196900325 считать недействительным.

Н-848

Ноокат районундагы Гулистан айыл өкмөтүнө караштуу Бостон айылындагы Медресеге берилген Мамлекеттик акты серия БN№034655 (13.09.2019-жыл) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

П/П-333

Мустафакулов Махаматазим Абдумаликовичтин Кадамжай шаарынын А.Жалилов көчөсүндө жайгашкан 8-02-13-1003-0020-01-014 идентификациялык коду менен катталган №6 үйүнүн №14 батиринин Техникалык паспорту жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

П/П-025

Тойгонбаев Кутманбек Жолдошбековичке таандык Сузак районунун Көк-Арт айыл өкмөтүнө караштуу Мазар-Булак айылында жайгашкан жер тилкесинин жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндө мамлекеттик акт (сериясы Ч №1095126, идентификациялык коду 3-05-05-1004-0020) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

Д-48

В связи с утерей удостоверение на право временного пользования земельным участком ОсОО «Фенисс» серия В №057904 считать недействительным.

Н-856

В связи с утерей свидетельства о государственной регистрации ИП Хамдамбаева Нулифар Каримжановна код ОКПО 27668393, ИНН 11202198600967 считать недействительным.

Н-855

Сулайманов Кылычбек Тургумбековичке тиешелүү жер үлүшүнөн пайдалануу ga укук берүүчү күбөлүгү №0322 (01.02.1995-ж.) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

Н-854

Эргешов Узакбай Карабековичке тиешелүү мам. акт серия Ч №996737 (20.09.21-ж.) сатып алуу жана сатуу келишими №584-2728 (21.12.21-ж.) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

Н-853

Баткен облусунун Масалиев а/аймагынын Лесхоз айылынын тургуну Атабеков Рысбай Эргешовичке тиешелүү №092575 үлүш күбөлүгү жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

П/П-065

Абдуллаева Кумушай Коргонбаевнага таандык Жалал-Абад шаарындагы А.С.Пушкин атындагы педагогикалык окуу жайынын "Башталгыч класстар мугалими" адистиги боюнча алган (1991-1995-ж.) диплому жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

Д-48

Кабылбек кызы Гулзинага тиешелүү мам. акт серия Ч №422083 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

П/П-023

В связи с утерей гос. акта Ч №876409 на имя Медетковой Каныкей Медетковны считать недействительным.

Н-852

В связи с утерей свидетельства о государственной регистрации ИП Ыманкулов Нышанбай Талантбекович серия НС №114064, регистрационный номер 02648109 выданный 17.08.2010 г. ИНН 21211199800972, ОКПО 30860562 считать недействительным.

Н-858

ОАО ОКБ «АЛАМ»

информирует о существенном факте, затрагивающий финансово-хозяйственную деятельность:

Изменения в размере участия лиц, входящих в органы управления эмитента, в уставном капитале эмитента:

7 октября 2022 года у члена Правления **Абдыкадыровой Зухры Ажахуновны** изменилась доля в уставном капитале.

До изменения количество принадлежащих акций составляло 0.

После изменения член Правления **Абдыкадырова Зухра Ажахуновна** владеет простыми акциями в количестве **38 шт.,** привилегированными акциями в количестве **38 шт.,** что составляет **0,02%.**

«КЫРГЫЗАЛТЫН» ААК

2022-жылдын 26-октябрында саат 10.00дө Бишкек шаары, Абдумомунов көчөсү, 195 дарегинде "Кыргызалтын" ААКнын имаратында акционерлердин кезексиз жалпы чогулушу боло тургандыгын маалымдайт.

КҮН ТАРТИБИ:

1. Эсептөө комиссиясынын курамы жөнүндө.
2. 2022-жылга карата коомдун бюджетине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө.
3. Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик мүлктү башкаруу фондуна келечектеги дивиденддердин эсебине акча каражаттарын которуу жөнүндө.
4. "Кыргызалтын" ААКнын ишинин натыйжалуулугун жана финансылык туруктуулугун баалоо боюнча иштин негизги индикаторлорун колдонуу боюнча нускаманы бекитүү тууралуу.
5. "Кыргызалтын" ААКнын Уставына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө.

Чогулушка катышууга укугу барлардын тизмесин түзүү күнү – **2022-жылдын 11-октябры.**

Каттоонун башталышы **саат 10.00дө.**

С-042

Ноокат районундагы Зулпуев айыл өкмөтүнүн Кашкалдак айылынын тургуну Ботобаева Анар Торобаевнага тиешелүү ишмердүүлүк ырастоочу күбөлүгү ИНН 11302196000831, ОКПО 29568371 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

П/П-351

Ноокат районунун Төөлөс айыл өкмөтүнүн Муркут айылынын тургуну Закиров Чынгыз Саматовичке тиешелүү ишмердүүлүк ырастоочу күбөлүгү ИНН 21102198900299, ОКПО 29566432 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

П/П-284

Optima Bank

«ОПТИМА БАНК» ААКнын

акционерлеринин кезексиз жалпы чогулушунун ЧЕЧИМИ

- Коомдун толук аталышы: **"Оптима Банк" ачык акционердик коому.**
- Жалпы чогулуштун түрү: **кезексиз.**
- Өткөрүүнүн формасы: **ачык добуш берүү.**
- Өткөрүлүүчү жери: **Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары, Киев көчөсү, 104 А.**
- Өткөрүлгөн күнү: **2022-жылдын 10-октябры.**
- Акционерлер ээ болгон жалпы добуштардын саны: **21 000 000.**
- Чогулушка катышкан, акционерлер ээ болгон жалпы добуштардын саны: **20 400 019.**
- Чогулуштун кворуму: **97,14%**

Добуш берүүгө коюлган меселелер, добуш берүүнүн жыйынтыгы жана кабыл алынган чечими:

1. **Банктын акционерлеринин кезексиз жалпы чогулушунун эсептөө комиссиясынын курамын бекитүү.**

   Добуш бергендер: бир добуштан "макул" - 20 400 019.
   Кабыл алынган чечим:
   Банктын акционерлеринин кезексиз жалпы чогулушунун эсептөө комиссиясы төмөндөгү курамда бекитилсин:
   Кованов Александр Васильевич - "Телесат" ЖАКнын башкы директору, Банктын реестр кармоочусу Эсептөө комиссиясынын төрагасы, банкта акциясы жок;
   Амангулова Мээрим Эркиновна - "Оптима Банк" ААКнын Юридикалык департаментинин башкы адиси, банкта акциясы жок;
   Акчахунова Наимахан Акрамжановна - "Оптима Банк" ААКнын тобокелдиктерди башкаруу башкармалыгынын операциялык тобокелдиктер бөлүмүнүн, тобокел-менеджери, банкта акциясы жок.
2. **2022-жылга карата "Оптима Банк" ААКнын тышкы аудиторун шайлоо жана тышкы аудиторго сый акылардын өлчөмүн аныктоо.**

   Добуш бергендер: "макул" – 20 400 019.
   Кабыл алынган чечим:
   1. 2022-жылга карата тышкы аудитор болуп "КПМГ Бишкек" ЖЧКсы шайлансын.
   2. "КПМГ Бишкек" ЖЧКсынын тышкы аудиторуна сый акынын өлчөмү кошумча нарк салыгын (КНС) жана уюштуруу чыгымдарын эсепке албаганда 10 250 000 (он миллион эки жүз элүү миң) сом өлчөмүндө бекитилсин.

РЕШЕНИЯ
Внеочередного общего собрания акционеров

ОАО «ОПТИМА БАНК»

- Полное наименование общества: **Открытое акционерное общество «Оптима Банк».**
- Вид общего собрания: **Внеочередное.**
- Форма проведения: **Очное голосование.**
- Место проведения: **Кыргызская Республика, город Бишкек, ул. Киевская, 104 А**
- Дата проведения: **10 октября 2022 года.**
- Общее количество голосов, которыми обладают акционеры: **21 000 000.**
- Количество голосов, которыми обладают акционеры, принимающие участие в собрании: **20 400 019.**
- Кворум собрания: **97,14%**

Вопросы, поставленные на голосование, итоги голосования и принятые решения:

1. **Утверждение состава счетной комиссии Внеочередного общего собрания акционеров Банка.**

   Проголосовали: «ЗА» - 20 400 019.
   Принятое решение:
   Утвердить счетную комиссию Внеочередного общего собрания акционеров Банка в составе:
   Кованова Александра Васильевича – Генерального директора ЗАО «Телесат», реестродержателя Банка - Председателем счетной комиссии, акций ОАО «Оптима Банк» не имеет;
   Амангуловой Мээрим Эркиновны – Главного специалиста Юридического департамента ОАО «Оптима Банк», акций ОАО «Оптима Банк» не имеет.
   Акчахуновой Наимахан Акрамжановны – Риск-менеджера отдела операционных рисков Департамента риск-менеджмента ОАО «Оптима Банк», акций ОАО «Оптима Банк» не имеет.
2. **Выборы внешнего аудитора ОАО «Оптима Банк» на 2022 год и определение размера вознаграждения внешнему аудитору.**

   Проголосовали: «ЗА» - 20 400 019.
   Принятое решение:
   1. Выбрать внешним аудитором ОАО «Оптима Банк» на 2022 год ОсОО «КПМГ Бишкек».
   2. Утвердить размер вознаграждения внешнему аудитору ОсОО «КПМГ Бишкек» в сумме 10 250 000 (десять миллионов двести пятьдесят тысяч) сом без учета налога на добавочную стоимость (НДС) и накладных расходов.

На основании заявлении граждан
Государственный природный парк «Чон-Кемин»

ОБЪЯВЛЯЕТ КОНКУРС
для передачи в аренду из земель, Верхне-Кеминского, Нижне-Кеминского, Быстровского лесничества в кварталах №3, 16, 31, 32, 61 для озеленения, рекреационных целей и для развития туризма.

Заявки принимаются до **01.11.2022 г.** по адресу: **село Торт-Куль, ул.Ч.Айтматова №17 в администрации ГПП «Чон-Кемин».**

По вопросам обращаться по тел.: (0701) 55-51-83.

Н-847

В связи с утерей свидетельства о государственной регистрации ИП Зайлидинова Замира Пазлидиновна код ОКПО 22686015, ИНН 11305196510039 считать недействительным.

Н-851

В связи с утерей свидетельства о государственной регистрации ИП Омуров Болотбек Кадыркулович код ОКПО 23543855, ИНН 20105197700426 считать недействительным.

Н-850

В связи с утерей свидетельства на право пользования земельной долей №486 (от 25.12.1998 г.) на имя Шамырканова Нургазы считать недействительным.

Н-849

Жеке ишкер Каримов Омурбек Мамасабирович
(ОКПО 31065453,
ИНН 22801198300109)

өз ишкердүүлүгүн токтоткондугун жарыялайт.

Дооматтар эки айдын ичинде кабыл алынат. Дареги: **Ош обл., Өзгөн району, Жаңы-Жол айылы, Н.Шамуратов көчөсү, 67.**

П/П-089

ЖЧК "ХБК-Трейд"
(ОКПО 29164610,
ИНН 03107201510052)

өзүнүн ишкердүүлүгүн токтоткондугун жарыялайт.

Дооматтар эки айдын ичинде кабыл алынат. Дареги: **Ош обл., Өзгөн шаары, Коперник көчөсү, 38.**

П/П-240

Эркин-Тоо
Гезит ээси: КР Министрлер Кабинети
Биздин реквизиттер: р/с №1280010019784103 БИК 128001 ОКПО 20108596 ИНН. 00107199210141 ЗАО Кыргызский-Инвестиционно-Кредитный Банк (КИКБ)

Башкы редактор
АСАНБАЕВ
Наралы
Камбаралиевич

Кабылдама
62-38-75

Башкы редактордун 1-орун басары
КАРБОСОВА Жазгүл – 62-38-77
Башкы редактордун орун басары
ДЫЙКАНОВА Жылдыз – 62-38-78

Коммерциялык директор
САТЫКУЛОВ Орункул – 62-19-06 факс
Уюлдук тел.: (0705) 11-75-87
(0773) 11-75-87
Жооптуу катчы
КУЛАТАЕВА Бактыгүл - 62-38-71

Бөлүмдөр:

Саясат, укук жана экономика бөлүмү – 66-22-27
Маданият, адабият жана спорт бөлүмү – 62-38-71

Веб-сайт – 62-18-64
Коммерциялык бөлүм – 62-18-66
"Нормативдик актылар" журналы – 62-38-71
Башкы эсепчи – 62-38-73
Компьютердик борбор – 62-38-74

Жарнамалар кыргыз, орус, англис тилдеринде берилет.

Жарнамалардын мазмунуна редакция жоп бербейт.
Мыйзамдар бир эле мезгилде кыргыз жана орус тилдеринде "Эркин-Тоо" гезитинде жарыяланып, ал расмий жарыялоо болуп эсептелет.
Автордун көз карашы редакциянын позициясын билдирбейт.

Биздин дарегибиз:
Бишкек шаары, 720040,
Абдумомунов көчөсү, 193.

erkintoo@mail.gov.kg

● Юстиция министрлигинен берилген катталуу күбөлүгү №592
Жумасына эки ирет:
шейшемби, жума
күндөрү чыгат.

Индекси: 68451

"Учкун" ААКнын
басмаканасында басылды.
Буйрутма №934. Нускасы 5276
Басууга 10.10.2022-ж. саат 20.00дө берилди
Сатык келишим баада

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
Эркин-Too

Көркөм адабият

“ИНТЕЛЛЕКТУАЛДЫК АДАБИЯТТЫН ОКУРМАНДАРЫ АЗ БОЛОТ...”

Белгилүү акын, Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер Зухра Жаманкулова бир топ жылдар Республиканын маданият тармактарында, анын ичинен музей тармагында 40 жыл эмгектенип келди. Учурунда Уркуя Салиеванын, Советтер союзунун Баатыры Тукубай Тайгараевдин музейлерин ачууну жетектеген. Акындын “Тагдыр”, “Айлампа”, “Дүрбөгөн санаалар” аттуу ыр жыйнактары жарык көргөн. Зухра Жаманкулова менен бүгүнкү адабият жөнүндө, адабияттын, көркөм чыгарманын нравалык касиети тууралуу маектештик.

– Зухра эже, асыресе адабият, анын ичинде поэзия адамзатты нравалуулукка тарбиялоонун куралы болуп келген эмеспи. Азыркы технологиянын заманында адабияттын орду кандай болуп жатат?

– Ооба, абалтан адабият, искусство адамзатты нравалуулук сапаттарга – гумандуулукка, сүйүүгө, бардык жакшы сапаттарга багыттап келген. Биздин эле “Манас” баш болгон эпосторубузду, фольклордук чыгармаларыбызды алсак, аларда гумандуулукту, достукту, сүйүүнү, Ата мекенди коргоону даңазалап, үлгү кылган көркөм сюжеттер бар. Кыргыздын табияты, жан дүйнөсү, көз карашы учурунда ал чыгармалардын жаралышын негиздесе, ошол эле көркөм азыктар мына бизге чейин, бизден кийинкилерге да нравалуулукка тарбиялоонун, рухий азык берүүнүн кенчи боло бермекчи.

Ал эми интеллектуалдык жазма адабият илгертен эле сейрек окулган. Алардын окурмандары сейрек болгон. Себеби, бардык эле адамдар интеллектуалдык сереге жете беришпейт да.

– Бүгүнкү күндөгү технологиялык өнүгүүлөр, франциялык алхимик, көзү ачык Мишель Нострадамус айтмакчы, дүйнөнү жөргөмүштүн желесиндей каптаган интернет рухий айдыңды караңгылатып жаткан жокпу? Адабият эми окулабы, же окулбай калабы дегеним...

– Ооба, жогоруда белгилебедимби, чыныгы бийик көркөм чыгарманын окурмандары көп болбойт деп. Азыр да ошондой. Технологиялык өсүштөргө, интернеттин каптаганына карабай, интеллектуалдык көркөм адабият, анын ичинде поэзия жазылат жана окулат. Бирок, тар чөйрөдө. Азыр дүйнө адабиятында алдыңкы мыкты чыгармалар жазылган көп эмес китептер “Из серии книг, изменивший мир” деген серия менен жарык көрүп жатат. Батыштын кийинки адабияты абдан эле алдыга кетиптир. Олдос Хакли деген француз жазуучусунун улуттук Гонкор сыйлыгына татыган “О, дивный мир” деген китебин окудум. Бул роман антиутопиялык жанрда болуп, чыгармада – инкубатордук конвейер сыяктуу программалашкан генетикалык технологиялык цех тууралуу кеп болот. Окуянын сюжети боюнча ошол инкубатордук конвейерде ар кандай сапаттагы түркүн адамдар болот. Кардар келип, каалаган мүнөздөгү адамын конвейер боюнча тандап алат. Ал адамдар робот эмес, кадимки эле адамдардай, бирок ар кандай, адам менен жаныбардын аралашмасындай адамдар да бар. Себеби, булар программалашкан генетикалык технологиялык цехтин “продуктылары”...

– Туура айтасыз, мындай китептердин ырасында окурмандары аз болот. Кийинки учурда Чыңгыз Айтматовдун “ Тавро Кассандры” романынан кийин генетика темасы көтөрүлгөн чыгармалар көп жазылууда. “Из серии книг, изменивший мир” сериясынан дагы башка кандай китептерди окудуңуз?

– Бул сериядагы китептер абдан эле татаал экен. Мен мындай романдарды бир канча ирет кайталап окуган учурларым болот. Жазуучу Дэви Браундун “Цифровая крепость” деген романы да ушул серияга кириптир. Китептеги окуяларда сөздөр сандар менен жазылып отурат. Сандар менен жазуу илгертен болуп келгени тууралуу маалыматтар бар эмеспи. Мисалы, атактуу художник Леонардо да Винчинин тарткан картиналары кандайдыр бир магиялык күчкө ээ болуп, ал сырлардын жандырмактары сандар менен гана ачылары тууралуу айтылып келет.

Ал эми бул серияга кирген Англиянын Букер сыйлыгынын лауреаты, япон жазуучусу Кодзуо Исигуранын “Не отпускай меня” аттуу китебинде жабык ооруканадагы кылмыштуу иштер баяндалат. Анда дарыланып жаткандар акырындык менен жоголо баштап, ал жерде иштеген кыз, бул көрүнүштү байкай баштайт. Көрсө, адамдардын жашоого зарыл ички органдарын чыгарып алчу жашыруун оорукана экен... Бул окуялар аягында окурманды өтө терең санаага салат... Кандай гана кылмыштар, трагедиялар...

– Мындай карасанатайлыктар батыш өлкөлөрүндө болуп жатканы тууралуу расмий мааламаттар болбогону менен, мындай кылмыштар дүйнөдө болуп жатканы тууралуу коомчулук арасында айтылып келет, кинотасмалар чыгып жатат. Чыгармалар да жөн жерден жаралбаса керек?

– Албетте, чындыктын негизи бар да. Дүйнөдө болуп жаткан ар кандай тири укмуш кылмыштардын бети ачылгандары да болуп жатпайбы. Дагы бир батыштык жазуучу Амброс Брис “Из серии книг, изменивший мир” сериясына “10 смертей” деген романдар цикли менен кирген. Амброс Бристи “коркунучтуу жанрдын өкүлү” деп атап коюшуптур. Негизи, өлүм – бул мыйзам ченемдүү көрүнүш эмеспи. Аны түшүнүү менен кабыл алуу керек да. Турмушта кагылыпсогулбаган, кыйынчылыктарды көрбөгөн адамдар, өлүмдү оор кабыл алышат. Ал эми жашоодо оор сыноолорго туш болуп, кыйынчылыктарды жеңе билген адамдар, өлүмдү мыйзам ченемдүү көрүнүш катары токтоо кабыл алышат. Китепте жазуучу өлүмдүн жашыруун сырлары тууралуу да кеп салат.

– Ал эми бүгүнкү кыргыз адабияты, поэзиясы тууралуу кандай ойдосуз?

– Азыркы жаштарда амбиция чоң экен. Бир жаш акын кыз (атын айтпай эле коёюн) “бүгүнкү адабияттын тарыхына, мен чыгармаларым менен кирем” деди. Ошондой дымагы күчтүү экен. Балким көрөңгөсү түгөнбөсө, келечекте кирсе кирип калаар. Кеп башкада. Адабият чалкып жаткан океан да. Акындыкка, жазуучулукка багыт алган адамда жогорку адабий билим болуш керек. Дүйнөлүк адабиятты, дүйнөлүк поэзияны окуш керек. Бизде тарыхый чыгармалар көп жазылууда. Бирок ал чыгармалар бир баатырдын, бир инсандын эле тагдырынын айланасында жазылган. Албетте, тарыхый чыгармалардын жазылып турганы жакшы, бирок улуу жазуучубуз Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларындай руханийликти, гумандуулукту көздөгөн үлкөн масштабдагы чыгармалар болбой жатат.

– Сиздин ырларыңыз таатаал, философиялуу. Ырдүйнөгө сапарыңыз кандай башталган?

– Университеттин тарых факультетине тапшырып окуп калгандан кийин, мен дүйнөлүк адабият менен тааныша баштадым. Китепканада көп отурчумун. Мен кыргыз адабий чөйрөсүнө деле көп аралашкан жокмун. Көп окуп, классиктердин чыгармалары менен таанышып, өзүмчө эле жазып жүрдүм. Экзюперинин, Джек Лондондун, Ахматованын, Эдгар Понун, Цветаеванын, жана башкалардын чыгармалары менен тааныштым. Дүйнөлүк адабият менен таанышкандан кийин дүйнө таанымың кенейип, өзүндү да бийик сезип калат экенсиң. Дүйнөлүк поэзияга кызыгып, дүйнөлүк акындардын тыюу салынган альманахтарын алып окуп жүрдүм. Дүйнөлүк поэзия мага таптакыр жаңы дүйнөнү ачып, мени укмуштай таң калтырды. Себеби алардын ойлору такыр башкача, башкача ойлонгон акындар экен. Саптары да биздикиндей калыпка салынбай, чачыранды... Айрым ырлар бир эле саптан же эки-үч саптан турат... Ал ырларда – граждандык лирика, махабат лирикасы, сюжеттик лирика, психологиялык лирика, эркин ыр... Башкысы, дүйнөлүк адабияттын үлгүлөрү адамды ойлонууга түртөт. Андан сенин да дүйнө таанымың өсүп, башкача ойлоно баштайт экенсиң. Мисалы, ал акындардын ыр саптарында сирень түстүү туман, кызгылтым булуттар... дейт... Төрт саптын ичинде баары бар... Ооба, ыр жазыш оңой эмес, ыр жазыш үчүн дүйнөнү тааныш керек...

– Туура айтасыз, ошондон улам илгери акындар дүйнө кезип, дервиш болуп кетишкен эмеспи...

– Ооба. Чоң акындар өздөрүн өстүрүү менен чыгат. Хемингуэй болсо дүйнөнү кыдырып, согуштарга катышты. Ошондон ал дүйнөгө жайылган мыкты чыгармаларын жазды. Адабият мындан ары ого бетер тар чөйрөдө окулат деп ойлойм. Биз ошого көнө албай жатабыз. Жалаң гана таланттуу жазуучулар окулат, андыктан адабият эч качан өлбөйт. Талантсыздар калып кала берет. Илгертен оозеки адабият жашап келди го, дагы жашай берет. Анткени ал чыгармаларды таланттуу акылдуу адамдар алып келди. Тар чөйрөдө окулган адабият, накта чыныгы адабият.

Союз учурунда адабият партиянын саясаты боюнча массалык түрдө окутулганы менен, азыр партияга арналган же СССРди мактаган ошол кездеги ырлар эсибизде барбы? Жок. Массалык түрдө окутулбай келсе да Курандын аяттары эсте калат, “Манас” эпосундагы, “Эр Төштүктөгү” окуялар эсибизде...

– Зухра Төлөгөновна, кызыктуу маегиңизге чоң ырахмат. Ийгиликтер болсун.

Фатима АБДАЛОВА